## Каражатты алтынга айландырса утулбайбы...

7-бетте

## А. Парханов акчаны жеп «колуңардан эмне келет» деп отурат

12-бетте

Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

21-май, 2015-жыл
№: 1(01)
saresep.kg



Такфир куралы менен куралдангандар

10-бетте



Балдарыбызды каармандыктарга толгон көркөм тасмалардын бешигинде чоңойткубуз келет

11-бетте



Кыргыз-өзбек чегиндеги курч кырдаал эки ажоонун айтышынан уламбы?

2-бетте



# Энергетика кризиси күч алууда

Кыргызстан энергодефициттүү өлкө болуп саналат. Өзүнүн энергоресурстарынын эсебинен, башкача айтканда, ГЭСтен иштелип чыккан энергия менен муктаждыгынын 51%ын гана жаба алат. Керектелчү кубаттуулуктун калган бөлүгү болсо энергоресурсту коңшу өлкөлөрдөн импорттоо менен жабылат.

## Премьер-министр бактарда жашынган МАИлерди жок кылууну тапшырды

19-майда, Кыргыз Республикасынын премьер-министри Темир Сариевдин төрагалыгы астында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Коопсуздукту жана укук тартибин камсыздоо боюнча кеңешме болуп өттү.

Жыйында Темир Сариев, Ички иштер министри Мелис Турганбаевге МАИ "кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн катуу көзөмөлгө алыңыз. Бул жактагы коррупция алдыңкы сапта турары айтылды. Эл аралык маанидеги жолдордо стационардык постторду коюу сунушун киргизип жатасыз. Муну колдоп, көмөк көрсөтөбүз. Бирок жанагы бактарга жашынып, жеке унаалары менен айдоочуларды тосуп жүргөндөрдү жоюуңуз", - деген тапшырма берди.



Ошондой эле УКМКнын башчысы Бусурманкул Табалдиевди Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин Коррупцияга каршы кызматы бизнес чөйрөсүнө аралашуусун токтотуп, диний экстремизм жана терроризм жаатында ишти күчөтүүгө үндөдү.

## Табылды Кыргызстанда таза бизнес кылса болорун далилдеген ишкер

19-майда белгилүү коомдук ишмер, публицист Табылды Эгембердиевди акыркы сапарга узатуу зыйнаты болду. Коштошуу зыйнаты Бишкектин четиндеги маркум Эгембердиев өзү түптөп кеткен "Супара" этнографиялык комплексинде өттү. Акыркы сапарга узатууга маркумдун үй-бүлөсү, туугандары, достору, кесиптештери, президенттик аппараттын жетекчилиги, Жогорку Кеңештин депутаттары, өкмөт мүчөлөрү жана маданият өкүлдөрү катышты. Маркумдун сөөгү Беш-Күнгөй айылында жерге берилди.



Сүрөт Айболот Дүйшеевдики

Табылды Эгембердиев менен жакын достук мамилеси бар Кыргыз Эл акыны Шайлообек Дүйшеев: "Сен сергек болчусуң. Жаш баладай таза, элең. Калп, жалган, жасалма жашагандарды, эки жүздүү адамдарды, кыргызга жакшылык кылбаган жан бактыларды жек көрчүсүң. Сен өз элиңдин ырыскешигине кол салбай, өз элиңдин жон терисин сыйырбай, мамлекетти уурдап-тонобой, жеп-ичпей, тапканыңды жаап-жашырбай, көр дүйнөнүн артынан көмөлөнүп байлык, бийлик кубалабай, Кыргызстанда чынчыл, ак, таза бизнес кылса болоорун далилдеген ишкерден болдуң. Табылдынын сөөгү үч бөлмөлүү үйүнөн чыкты. Ал Супараны эл үчүн салды " анын дагы көп максаттары өзү менен кошо кетти. Аткара албай калды. Өлөм деп эч качан ойлогон киши эмес болчу", – деп кейиди.

"Табылды кыргыз элинин көзүн ачты. Ал өзүнүн ким экендигин кыска өмүрүндө көрсөттү. Бул калп айтпаган, ашыкча мактаганды жаман көргөн жигит эле. Биздин элибизге да, бийлигибизге да дал ушул Табылдыдай адам керек экен. Андай адам болбосо, экономикабыздын өнүгүшү, мамлекеттүүлүгүбүз жөнүндө курулай сөздөрүбүздүн бардыгы талаага кете турган нерсе экен", – деп эскерди маркумду драматург, Кыргыз Эл жазуучусу Казат Акматов.

Улуттук маданиятты өнүктүрүүгө, аны дүйнөгө таанытууда зор салымын кошкон кыргыздын чыгаан уулу Табылды Эгембердиев жана анын табылгыс, баа жеткис эмгектери ар дайым кыргыз элинин жүрөгүндө түбөлүк сакталып кала берет! "Саресеп" гезитинин жамааты да Табылды агабыздын жакындарына терең көңүл айтат.



# Кыргыз-өзбек чегиндеги курч кырдаал эки ажоонун айтышынан уламбы?


8-майда Москвада өткөн саммитте президент Атамбаевдин Жеңиш күнүн майрамдоо тууралуу билдирүү өзбек президенти Ислам Каримовун сынына кабылган. Бул кайым айтышуу эмнеден келип чыкканы жана кандай кесепеттерге алып бараары тууралуу серепчилер кийинки пикирлерди айтышты:

Коомдук ишмер Балбак Төлөбаев: Ислам Каримов башынан эле биздин президенттерге тийиштик сөздөрдү айтып, үстөмдүк кылып келет. Мен Бакиев менен 2006-2010-жылдары иштештим. Ал кезде мындай окуялар көп болгон. 8-майдагы жолугушуу ачыкка чыгып калган үчүн ушундай талкууга түштү. Ал ичи күйгөнүнөн ошондой сөздөрдү айтып атат. Ичи күйгөнүнө себептер бар. Буга чейин өлкө бийлиги газ сурап, Ташкентте жүрчү. Эми газ меселесин Газпром чечип калды. Бул бир. Экинчиси, чек ара маселеси боюнча Өзбекстан ажосуна чуркап барган адам жок. Орто Азиядагы таразанын ташы Өзбекстандан Казакстанды көздөй ооп баратат. Мунун баары Каримовду ызакор болууга мажбур кылууда. Атамбаевге айткан сөзү-бул Путинге айтылган сөз. Каримов жалгыз калды. Бирок, келечекте Орто Азия мамлекеттери биригип, достукта болушу керек. Бирок, Атамбаев менен Каримов бийликте турганда бул маселе чечилбейт.

"Мекенчил" партиясынын тең төрагасы Төрөхан Жунусбеков: Атамбаев менен Каримовдун айтышуусу кечээ гана чыга калган жок. Бул маселе Атамбаев бийликке келгенден баштап келе жатат. Алмаз Шаршенович коңшулар менен жакшы мамиледе болуш керек. Ал тышкы саясатты туура эмес алып баргандыгынан Кыргызстандын көз карандысыздыгына шек келтирип атат. Мунун бардыгы өлкө президентинин өз маселесин ортомчулар аркылуу чечип келгенинен улам чыгып олтурат. Өзбекстан менен орустарды ортомчу кылбай мамиле куруубуз керек. Биздин лидердин туура эмес айткан сөзү менен көптөгөн жарандар жабыркап калышы мүмкүн. Суу башы Кыргызстан болгон соң, аны колдонуп туруп, Өзбекстан президентин Кыргызстан менен теңметең сүйлөшүүгө алып келсе болот эле. Бирок, биздин президенттер эмнегедир муну кыла алган жок

Саясий серепчи Бакыт Бакетаев: Атамбаев эл аралык дипломатияга жараша сылык сөз менен өз оюн айтты. Чыгыш элинде улуулар бир аз катуурак сүйлөгөнгө көнүп калган. Балким, ошого таянып Каримов катуу сүйлөп алдыбы деген да ой кетет. Эки президенттин айтышуусу чоң чатакка алып барышы мүмкүн. Ал чатак 3-күчтөргө керек. Ошондуктан ар ким өз пикирин билдирүүдө абайлашы керек. Башкалардын каталарынан сабак алып, аны кайталабоо маанилүү. Эки элдин бири-бири менен эч кандай чатагы жок, элдин урушу эл башында тургандардын сөзүнөн чыгып атат. Президенттердин Москвадагы кайым айтышуусу коркунучтуу. Ошондуктан элдин кызыкчылыгын ойлоп, бирдиктүү саясат куруу керек.

## «Шабдан баатыр» тасмасынын кастинги башталды



Карапайым элге жагып, бирок тарыхчылар менен эксперттик коомчулук катуу сындаган «Курманжан датка» тасмасынан соң өкмөт кыргыздын дагы бир көрүнүктүү инсаны – Шабдан баатыр жөнүндө тарыхый тасмага каражат бөлүүнү чечти. Бул тарыхый тасманын жүгүртүүсү 2016-жылынын аягында башталмакчы.

«Шабдан баатыр» тасмасынын режиссерлугуна «Уурунун махабаты», «Кукушкинолук Шахрезада» ж.б. тасмаларды тарткан Эрнест Абдыжапаров дайындалган. Тасманын режиссеру, Батышка жагуу курулай максатын көздөбөстөн, мамлекеттин биримдиги үчүн аракет кылган баатырдын образын алдыга алып чыгарын баса белгилеген.

Абдыжапаровдун маалыматы боюнча, тасманы тартууга өкмөт жалпысы 80 миллион сом сарптоону чуктап, бул каражаттын 10 миллиону бөлүнгөн. Учурда тасманын башкы каармандары менен башка персонаждарды аткаруучулардын тандоосу башталганын билдирген режиссёр, тандоо Кыргызстан менен гана чектелбестен Орусия, Казакстан жана Өзбекстандан да актёрлор тартылышы мүмкүн экенин айтты.

Экинчи тарыхый тасма катары пландалып жаткан кинофильмдин сценарийи эксперт коомчулугунда эмитен эле катуу тартышууларга себеп болду. Кинотасманын режиссёру Эрнест Абдыжапаров сындардын кээ бирин кабылдаарын, бирок сценарийди толугу менен өзгөртпөсүн билдирген. Маалыматтар боюнча тасманын сценарийи депутат Каныбек Иманалиевдин "Шабдан баатыр" романынын негизинде жазылган.

## АКШда кыргызча «Менин Кыргызстаным» гезити чыгат

Американын Чикаго шаарында кыргызстандыктардын достук мамилесин чыңдоо максатында жарнамалык багыттагы кыргыз тилиндеги АКШдагы алгачкы гезити чыкмакчы.

Басылманын башкы редактору Таттыбү Назаркулованын айтымында гезит мындан сырткары Америкага келген мекендештерге жардам берүүчү маалыматтарын да жарыялап турат. «Ар бир адам бөлөк-бөтөн жерге барганда тилин-дилин сагынат. Анан турмуштагы муктаждыктардан улам дарыгер, адвокат, автоунаа оңдоотуу, балабакча өңдүү көйгөйлөргө кабылат. Гезит аркылуу бул көйгөйлөрдү жеңилдеткенге аракет кылабыз. Биз жердештерибизге кыргыз жана орус тилинде кызмат көрсөткөн жайларды сунуштайбыз», — дейт ал. Бул демилге мекендештер тарабынан жылуу кабыл алынып, ал тургай ар кимден ар түрдүү сунуштар түшүп жаткан маалы.

"Менин Кыргызстаным" гезитин бир айда эки жолу 6000 тираж менен чыгаруу пландалууда. Анын редакциясында жалпысынан 4 киши иштейт. Эки кабарчы – Самат Сулайманов менен Марс Султанбеков материалдарды Кыргызстандан жиберип турат. АКШдагы редакторлук жана кабарчылык кызматты Улан Бекташов аркалайт. Американын башка аймактарына салыштырмалуу Чикаго шаарында кыргызстандыктар көп жашайт. Гезит алар көп барган ресторан, ашканаларда таратылат.



# Кыргызстанда энергетикалык кризис күч алууда

Франциянын Гренобль университетинин магистри, эксперт-экономист Нурадил Раимбеков: «Биз өлкөнүн энергетикасындагы терең жана системалуу кризистин күбөсү болуудабыз»

## Энергетикадагы кризистин масштабдары

2014-жылы Кыргызстан биринчи жолу электр энергиясын импорттоочуга айланды (б.а. импорт экспорттон ашып түшкөн). Мындай кырдаал ата мекендик энергетикада кризистин пайда болгонун айгинелейт. 2014-жылдагы энергетикалык абал 2008–2010-жылдардагы жалпы республика боюнча электр энергиясын пайдаланууга чектөө киргизген учурга эң эле окшош. Кыргызстанда саатына орточо 13,3 млрд квт. электр энергиясы иштелип чыгат. Өзгөчө жылдарда бул көрсөткүч саатына 15,2 млрд квт энергияны чыгарууга кудурети жетет. Көп учурда иштелип чыккан энергиянын деңгээли Токтогул суу сактагычындагы суунун деңгээлине байланыштуу болот. Суу аз чогулган жылдары (2008–2010-жж) иштелип чыккан энергиянын көлөмү саатына 11,0 млрд квтка төмөндөп кеткен.



НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ

Көптөгөн жылдар бою биз кубаттуу гидроэнергетикалык мүмкүнчүлүгүбүз менен сыймыктанып, аны өлкөбүздү экономикалык көз карандысыздыктын жаңы чектерине жеткирет деп ишенгенбиз. Азыркы учурда деле расмий маалымдамалар гидроэнергетиканы инвесторлор каражат сала турган перспективдүү тармак деп тааныштырып келе жатышат. Ошентсе да мамлекеттин өзү да, жергиликтүү инвесторлор да бул тармакка каражаттарын инвестициялаганга эмнегедир көңүлдөрү чаппайт.

Кагаз жүзүндө эсептегенде, электр энергиясына болгон өз муктаждыгын гана жаппастан, коңшу өлкөлөргө сатышы керек болгон Кыргызстан жыйынтыгында кайра коңшу өлкөлөрдөн салыштырмалуу жогорку баалар менен электр энергиясын сатып алууга аргасыз болду. Анысы аз келгенсип, Таджикистан бизге саткан электр энергиясын 2015-жылы 2центтен 3,5 центке көтөрөм деп турат.

Гидроэнергетиканы бутуна тургузуп, энергетикалык коопсуздукду камсыздамайын экономиканын толук кандуу өнүгүүсү жөнүндө сөз кылганга болбойт. Кыргыз Республикасынын Евразия Экономикалык Бирикменин курамына кирүү фонунда бул аксиома ого бетер оор мүнөздө ортого чыгат. Анткени ЕАЭБга кирүү жаңы чарбалык шарттарды негиздеп, экономикада маанилүү структуралык өзгөрүүлөр менен коштолуусу зарыл. Маселен, тейлөө секторундагы (соода, курулуш) капиталдын чоң бөлүгү өндүрүш секторуна өтүшү керек. Ушундай шарттарда гана Кыргызстан ЕАЭБнын катарына кирүүдөн реалдуу экономикалык пайда табышы мүмкүн. Бирок, капиталдын тейлөө секторунан өндүрүш секторуна агылып кирип, өндүрүштүн өсүүсү, ошончолук эле деңгээлде электр энергиянын иштеп чыгарылуусун талап кылат. Тилекке каршы энергетикада калыптанып калган тенденциялар кийинчерээк энергетика желесине кошулган жөнөкөй абоненттерди да тейлөөнү камсыздай албай калат деген ойлорго негиз берет. Бул жерден биз өндүрүштүк абоненттер жөнүндө сөз кылбай деле койсок болот. Биз өлкө энергетикасындагы терең жана системалуу кризистин күбөсү болуудабыз.

## Кризистин себептери

Кыргызстан энергодефициттүү өлкө болуп саналат. Өзүнүн энергоресурстарынын эсебинен, башкача айтканда, ГЭСтен иштелип чыккан энергия менен муктаждыгынын 51%ын гана жаба алат. Керектелчү кубаттын калган бөлүгү болсо энергоресурсту коңшу өлкөлөрдөн импорттоо менен жабылат.

> *... энергетикада калыптанып калган тенденциялар кийинчерээк энергетика желесине кошулган жөнөкөй абоненттерди да тейлөөнү камсыздай албай калат деген ойлорго негиз берет.*

Жалпы өндүрүлгөн энергиянын 80%ы ГЭСтерден алынат. Бул энергиянын 90%ын Токтогул ГЭСи өндүрөт. Ушундан улам өлкөдөгү электрэнергиянын бар болгон көлөмү Нарын суусунун агымына жараша болот. 2014-жылы суунун агып келүүсү жылдык орточо нормадан 70%га аз болгонун белгилей кетишибиз керек. Суунун агымынын азайышы күзкыш учурунда электроэнергиянын дефицитинин пайда болуусунун жалгыз экзогендик (адамга байланыштуу эмес) факторуна кирет. Электрэнергиясынын дефицитинин пайда болушуна Нарын дарыясындагы суунун аз болушунан сырткары эндогендик (адамга байланыштуу) факторлодун тийгизген таасири да күчтүү болду. Алардын негизгилери: талаптын жогорулоосу жана анын структурасынын өзгөрүүсү, суроо-талап менен аткарууну пландоодогу катачылыктар, коррупциялык схемалар, дотацияланган төмөнкү социалдык тарифтер, энергия өндүрүп чыккан жана таратуучу системалардын эскириши, энергетика секторунда институционалдык өзгөртүү иштеринин аягына чыкпагандыгы, кошуналардын бизге арзан энергияны сатканга кызыкдар болбогондугу. Жогоруда саналган факторлордун көпчүлүгү системалуу мүнөзгө ээ. Анткени бул маселелер жылдар бою чечилбей келет.



Дотациялык, социалдык тарифтер жөнүндө кеп кыла турган болсок. андан көптөгөн негативдүү кубулуштардын себептери туулуп чыгат. Булар – элдин арасында электр кубатын үнөмдөө стимулунун алсыздыгы, газ, көмүр, мазуттун электрэнергияга салыштырмалуу кымбат болгондугунан электр кубатынын пайдалануунун өсүүсү, инвестициялык долбоорлордун өзүн актоо мөөнөтүнүн орто эсеп менен 20 жылга создугуусу. Кыргыз Республикасында электр кубатынын өзүнүн наркын актабаганына карабастан дүйнөдөгү эң арзан баада болушун баса белгилей кетишибиз керек.

Кыргыз жарандарынын турмушунун бакубаттулугу акыркы жылдары жогорулады. Дүйнөлүк банктын классификациясы боюнча КР орто кирешелүү мамлекеттердин катарына кирди. Жетиштүүлүктүн деңгээлинин өсүшү төндүрүлгөн субсидирленген тарифтер менен коштолуп, энергияга болгон суроо-талаптар табигий түрдө өстү.

Кыш мезгилиндеги дефицитти жабуу үчүн жана энергетикалык коопсуздукту камсыз кылыш үчүн КР өкмөтү чет элдик инвесторлор менен бирге бир нече маанилүү стратегиялык обьектилердин курулушун башташты. Камбар-Ата-2 ГЭСи иштетүүгө берилди. Анын долбоорду кубаттуулугу 360 МВтты (3 агрегат) түзөт. Бүгүнкү күндө Камбар-Ата-2 ГЭСи долбоордогу кубаттулуктун үчтөн бирин гана чыгарууда. Анткени кубаттуулугу 120 МВт болгон бир гана агрегат орнотулган. Андан сырткары ГЭСтин Жогорку-Нарын каскадынын курулушунун биринчи фазасы башталды. Курулуп жаткан Жогорку-Нарын каскадында төрт ГЭС бар. Алардын жалпы кубаттуулугу 237,7 МВт деп долбоорлонгон. Орточо жылдык электр өндүрүмү 942 млн. кВт саатты түзүп, бул өндүрүм Нарын облусунун жылдык пайдалануусуна барабар болот. Жогорку Нарын каскадын 6 жылда куруп бүтүрүү пландалууда. Биринчи гидроагрегаттар башкы Нарын ГЭСинде 2016-жылы ишке киргизилиши керек.

Ошентсе да, Улуттук Стратегиялык Изилдөө Институтунун эсеби боюнча Жогорку-Нарын ГЭСи (273 МВт), Бишкек ТЭЦинин жаңыланышы(2*1200. МВт)жана Камбар-Ата ГЭС-1 сыяктуу жаңы кубаттуулуктар ишке кирген күндө дагы Кыргызстан электрэнергияга болго муктаждыгын жаба албайт!

***Уландысы бар...***



Токтогул ГЭСи. Сүрөт knews.kg сайтынан алынды.



# Бийлик жана оппозиция бирдейсиңер

20-кылымдын акыркы чейрегинде СССРдин чалгындоо кызматынын катарында Афганистанда салгылашкан, Кыргызстандын экинчи президентинин убагында сабалып, сөөктөрү талкаланып, отузга жакын жерине бычак урулуп, бирок аман калып, Швецияга качырылып, азыр ал өлкөнүн жараны болгон кесиптешибиз Сыргак Абдылдаевдин макаласын назарыңызга сунабыз. Макалада тигил же бул адам сындалган эмес. Кыргыздын ар бир жигити менен айымын аксатып келген сыпаттар жөнүндө жазылган. Тигил же бул тарапка жан тартылган эмес. Болгону азыр Ак үйдө отургандардан биз эмнебиз менен айырмаланабыз? – деген суроого жооп изделген.

СЫРГАК АБДЫЛДАЕВ

*Атам: «Мени намыстуу, таза абийирдүүлөр гана сот-той алышат...»*

## Мен бир нече суроо бергим келет

Элди жаңы чабуулга даярдап жаткандар кимдер? Бийлик май-токочун соңку бөлүүсүн жактырбаган парламенттик саясий бригадалардын башчылары, АКШ долларынын апийимине байланып тымтыракайы чыгып кеткен оппозиция, сатылган укук коргоочулар, түркүн түстүү өкмөттүк эмес уюмдар, 7-апрелден кийин четке чыгып калган базаркомдор, мунай жана түрдүү майлуу жерлерди кармап бармагын жалап көнгөндөр, Ак үй менен өкмөттүк креслолорунун үстүнөн камгактай кайып өтүп кеткендердин шагыраган жоон тобу. Буларга ар кайсы бурчтардан сагалаган майда маскарапоздор дагы кошулуп алган. Бүттү! Ушуну менен "опозициялык күчтүн" тизмесине былтыйган чекит койсо болот. Эми ушул нааразы топко жөнөкөй эле собол: Атамбаевдин шоопурларынан эмне артыкчылыгыңар бар!?

## Жөнөкөй, карапайым кыргыздын коз карашы менен карайлы

Силер эл менен анын тарыхы алдында ким экениңерди унутуп калдыңарбы? Унуткара баштасаңар, кыска зээниңерди кичине узарталы. Баарыңар Акаев менен Бакиев "өз жакыным" деп тандап бийликке алып келген, бизнесиңерди мамлекеттин күчү менен калкалаган, мурдун балта кеспеген мамчиновник, көмүскөдө иш кылган ишкерсиңер. Кимиңи болбосун желкеден кармап, иштеген мыйзамдын алдына илип койсо, болгон тешигиңерден миллиондогон бакстардан турган күнөөңөр куюлуп баштайт. Көзуңөрдү май басып көрбөй калдыңар. Андай эмеспи? Албетте, катта аш бөлүнгөндө майлуу жиликтен куру калып калуу кандай оор экенин түшүнүп атам. Бирок бул тагдыр да, мындан эч кайда качып кутула албайсың. Жашоо ушундай турбайбы, өзгөрөт экен да. Бирде төө минмей, бирде эшекке тетири минип калмай.

## Эми өч алып, мансапты кайтаруу пландарды сыдырып чыгалы:

Силер Атамбаевди кулаткыңар келип жатабы? Алга! Башты канжыгага байлап, аракет кылып көргүлө да. Ким тобокел кылбаса кымыздын гүлүн ичпейт дегендей. Бирок мен силердин деминерди суутуп коёюн. Араңардагы эң көк жал жана акылдуу делгендердин жоон тобу азыркы Кожоюн тарапка жылт койгонун байкабай калдыңарбы? Калганы болсо көмүскөгө кирип, "эмне болуп кетээр экен" деп эки тоонун чөбүн самап отурат. Силер кырдаал кайсы тарапка оогонун аңдабай турасыңарбы? Эмнеге ишарат кылганымды түшүнөт деген үмүтүм бар.

Океңдер жазып жаткандай, Майлз аксакал (АКШнын Кыргызстандагы убактылуу элчиси Ричард Майлз – ред.) колдорунан май жеп калган оппозицияга: "Эл менен иштеш керек мырзалар. Ак мээлей кийип алып, ак сөөктөнбөй элдин арасына кирип, алар менен бетме-бет иштеш керек", – деп туура багыт берип жатат. Майлз майданга жумшалчу пулду таркатуу талаптарын кылды кырк жаргандай эсептеп койгон. Бирок натыйжа кандай болду, ыңкылапчы мырзалар? Улуттук оппозициялык кыймылдын (УОК) мүчөлөрү шаар кыштактарды түрө кыдырып келишти. Эл көңүл бурган жок. Бул абалдан кийинки суроо туулат:

## Атамбаевдин чептерине ким менен барасыңар?

Жооп: Эч ким менен. Эмне себептен? Дароо түсүн өзгөрткөнгө үлгүрүп, азыркы Жогорку Кеңеш менен Өкмөттүн кабинеттерин ээлей калган шылуундардан айырмаңар жок эл үчүн. Силерге окшогон мансапкорлор гана бүгүндүн акыйкатына көр бойдон калышты. Бул кашкайган чындык – Кыргызстандын элинин өзгөргөнү. Мен чындыкты жасалмалуулуктан айырмалаган, башка кыргыздарды көрдүм. Бул кыргыз силерге окшогон май курсак шылуундардын аркасынан ээрчибейт. Элдин алдына чыгаарда силер күзгүгө бир каранып, өткөн чактын катмарлашкан киринен калың бетиңерди тазалашыңар керек. Күзгүдөгү беттен: "Менин мурунку жана азыркы жеке аруулугум кандай? Мен өз элимдин канча акысын жымырдым?", – деп сурашыңар керек. Силерге окшогондордун күнү бүттү.

> Элдин алдына чыгаарда силер күзгүгө бир каранып, өткөн чактын катмарлашкан киринен калың бетиңерди тазалашыңар керек. Күзгүдөгү беттен: "Менин мурунку жана азыркы жеке аруулугум кандай? Мен өз элимдин канча акысын жымырдым?", - деп сурашыңар керек.

## Мен силердин көзүңөрдү дагы кичине ачайын

Айтылганга ишенсек, Майлз карыя түркүн түстүү чалгындоонун устасы. Мындай кесипкөйлөр АКШнын Госдепинде да калбай калды. Андыктан бул аксакалды казак же өзбектер эмес, бизге – кыргыздарга жиберишти. Ал суук кандуу реалист, ошондуктан кыргыз ыңкылабынын отун өлкөдөгү шарттарга жараша тутандырат. Майлзга окшогон спец үчүн Атамбаевди оодарып салуу текейден арзан. Кыргыз бийлигинин пайдубалында зак кеткен жерлер өтө эле көп. Бирок кыргыз теңдемесинде Майлздын карт башын ооруткан бир нече белгисиздик бар.

Биринчиси, 24 саат бою абалды көзөмөлдөп, кыргыздын кан басымын ченеп отурган орустар, майдан тарапка соккон ар бир илепти байкап отурушат. Эгер Бишкектин аянтында же президенттин резиденциясында атышуу башталса, жамааттык милдеттенүүгө жараша аракет кылууга "мажбур" болгон орустардын кудай албаган аскердик базасы бар.

Дагы бир имиштерге караганда, абал АКШ каалаган тарапка ооп, Атамбаевди төңкөрүү ишке ашса да, дароо башка көйгөй пайда болот: Көпчүлү чет өлкөлүк каракчылардан турган жалданма төңкөрүүчүлөр канчага түтөт? Бир же эки күнгөбү, бир жумагабы? Жергиликтүү братвасы бар, өзүбүздүн канкорлордун бири "Ак үйдө, кайдан жайдан кыргызга окшобогон кебетелер пайда болуптур" деп бир ышкырса, Вашингтон күтпөгөн кызык даана ошондо башталбайбы. Бошой калган Кожоюндун ордун ээлейм дегендер оголе көп чыгат. Жарандык согуш жыттана баштаганда кайра эле ОДКБсы менен орустар чыга келет. Шылтоого шыноо табылып Вашингтонду КМШдан бир тээп чыгарып салышат. Анын шары менен америкалык компанияларды Борбор Азиянын мунай-газ жана башка май-талканынан кур жалак калтырууга бир карыш калат.

Үчүнчүсү, биздин оппозициябыз канча раунд туруп берет? Алардын кимиси чабуулчуларды Ак үйдүн дубалынан ашып өтүүгө баштап барат? Бул жердеги жооп опоңой. ЭЧ КИМИСИ! Анткени бул маскарапоздор териси менен сезишет коркунучту. Андай болгон соң, маселени күч менен чечүүнүн эч кереги жок.

## Жана акыркысы

Атамбаевдин жасалма командасы жана аларды кетирем деген урматтуу талапкерлер, карапайым эл эки тараптын тең тойбогон сугунан башка сунуштоочу эч нерсеси жок экенин жакшы билет. Тополоңго ишсиз элди же көчө таптагандан башка дарты жокторду тартсаңар болот. Бирок булар ыңкылаптын аскери болуп бере албайт. Алар ОМОНдун жыты чыкканда жылт коюшат. Майлз атакеңер болсо кол булгап коюп, белден ашып баса берет.

Окурман карасаң, 20 жылдык башаламандык жана үй бүлөлүк башкаруудан кийин өлкө эмне болду? Жылуу кабинеттерде отуруп, базар менен бензинди башкарып, жок жерден акча тапкандар өздөрүн "Кыргызстандын элитасыбыз" деп сезип алышкан. Алар биздин балдардын келечегин жана дүйнөгө тарап кеткен миллиондогон кыргыздын өлкөсүнө болгон ишенимин уурдашты. Акаев менен Бакиевдин уурдап кеткен миллиарддары, атылып өлтүрүлгөн мекендештерибиздин жоопкерчилиги дагы ушул адамдардын моюнунда. Мейли отурушсун креслолорунда. Мен болгону бир нерсени түшүнбөйм. Буларды кантип "саясый элита" десе болот?

# Равшан Жээнбеков: Өкмөттүн мүчөлөрүнүн баары Оторбаевди саткандай, Сариевди сатып кетишет

Парламенттеги көпчүлүк коалициясы өкмөт башчылыкка Темир Сариевдин талапкерлигин жактырып, жалпы жыйындын кароосуна Жогорку Кеңеш премьер-министр кызматына Темир Сариевдин талапкерлигин жактырды. Сариев жыйында иш планы менен тааныштырып, азыркы өкмөт мүчөлөрү менен ишин улантаарын билдирди. Муну менен катар өкмөттүн иштөө тартибин өзгөртөөрүн белгилеп, эс алуу жана майрам күндөрүн азайтарын убада кылды. Анын бул планын эл өкүлдөрү колдоого алды. Бул боюнча ЖКнын депутаты Равшан Жээнбеков менен маек курдук.



ЖАРКЫН ЖАНЫБЕК КЫЗЫ

**– Өкмөт башчылыка Темир Сариевди талапкер деп тандалды. Негизи Сариевди кайсы талаптардын негизинде көпчүлүк коалиция жактырды?**

– Көпчүлүк коалиция болбогон талаптарды коюшту. Темир Сариев буга чейин өкмөттө иштеген, өкмөттүн ишин билген адам деп айтышты. Ал эми кийинки талабы, кийинки шайлоого катышпашы керек дешти. Мында мамлекетке, элге өзгөрүү жасай турган бир да талабы жок. Мунун баары бийлик башында турган жана колициянын башында турган жетекчиликтердин кызыкчылыгын жактаган талаптар болуп эсептелет.



Р.Жээнбеков

**– Мурунку өкмөт башчы Жоомарт Оторбаевдин жакшы иш жүргүзө албагандыгынын себеби анын командасында деп айтылууда. Ал эми Темир Сариев кандай команда менен келет?**

– Сариевде эч кандай команда жок. Бир дагы министрди ал өзү чече алган жок. Касымалиевди айтпаганда. Анткени Касымалиев Темир Сариев экономика министри болуп турган кезде орун басары болуп иштеген. Ошону гана Каржы министри кылып жылдырганга аракет кылды. Эгерде күч келсе азыркы өкмөттүн мүчөлөрүнүн баары Оторбаевди саткандай эле, Сариевди сатып кетишет. Учурда эч кандай өзгөрүүгө алып келе албай турган, программасы жок өкмөттү алып келишти.

**– Өкмөт башчыга ар бир министрди өзү дайындоо укугун берүү сунушталды. Бул сунушка сиздин пикириңиз кандай?**

– Бул сунуш туура. Анткени реалдуу алып карай турган болсок, ЖК өкмөт башчыны гана бекитиши керек. Ал эми калган мүмкүнчүлүктү өкмөт башчыга бериши кажет. Ошондо өкмөт башчыда команда пайда болуп, күчкө ээ болот. Бүгүнкү күндөгү өкмөт башчыдагы министрлердин 90 пайызы президенттики, 5 пайызы Куловдуку, 5 пайызы Текебаевдики.

**– Буга чейин Темир Сариев, Кумтөр маселеси, Евразия экономикалык биримдигинде чечкиндүү кадамдарга барат деп айтылды. Чынында бул маселелерде Сариев Кыргызстандын кызыкчылыгын коргойт деп айта аласызбы?**

– Темир Сариевдин артында Кремль турат. Сариевдин өкмөт башчылыкка алып келүүдөгү негизги максат Кыргызстанды Евразия экономикалык биримдигинде киргизип берүүдө багытталган. Кийинки максат Кумтөр маселесин чечүү болуп саналат. Бирок азырынча Кумтөр негизги маселе эмес.

**– Темир Сариевдин өкмөт башчылыкка келүүсү күн мурунтадан пландалган болушу мүмкүнбү?**

– Бул маселени Кремль Атамбаевге таңуулап же болбосо кандайдыр бир башка маданий жолдор менен жылдырып келе жатканына 4 айдын жүзү болду. Мына ушул 4 ай аралыгында орустар Сариевди премьерликке алып келүүнүн үстүндө иштешти.

**– Өкмөт башчылыкка Темир Сариевдин башка татыктуу талапкер бар беле?**

–Азыркы тапта эң маанилүүсү эгемендүү өкмөт башчы болушу керек. Эгерде эгемендүү өкмөт башчы келбесе мурдагыдай эле жогорку жактын көзүн караган премьер-министр болот. Азыркы өкмөттү Кыргызстанды кыйын абалдан алып чыгат деп айтуу кыйын. Ал эми, өкмөт башчылыкка татыктуу талапкерлер жок эмес бар. Өзүм дагы жашырбастан, мен премьер-министр боло туран болсом, бардык жоопкерчиликти алып, программамды сунуш кылат элем деп айтып келем.

**– Темир Сариев өкмөт мүчөлөрү үчүн ишемби жана майрам күндөрү деген нерсе болбойт деди. Бул сунуш кандай натыйжа берет?**

– Советтер Союузу убагындагы Андроповдун ыкмасы деп айтат элем. Дүйнө өзгөргөн, Советтер Союзу азыр жок. Азыр дүйнө башка багытта кетип жатат.

# Ж. Оторбаев: «Биздин саясатчылар кино актёрлор сыяктуу»

КРнын «26» - премьер-министри Жоомарт Оторбаев «Саресеп» гезитине «Саясаттан сырткары» маек куруп берди. Саясат айдыңында Жоомарт мырзага коомчулуктун берген баасы башкадыр, бирок каарманыбыздын жөн жай жашоосунда көңүл токтотуп кабыл алаар жакшы жактар бар экенин айта кетели. Анда сөз учугу «жөнөкөй» Жоомарт Оторбаевде болсун. Маектешибиздин кыргызча сүйлөө стили сакталды.

ЖАРКЫН ЖАНЫБЕК КЫЗЫ

Менин беш балам бар. Алардын үчөө чет өлкөдө окушкан. Эки кичинекейим учурда мектепте билим алып жатышат. Ал эми эң улуу кызым Москва шаарында банк системасында кызмат кылат, учурда ал Кыргызстанга инвестиция тартуу аракетин көрүүдө. Балдарым чет өлкөдө билим алышса да алардын максаттары мекенге кызмат кылуу.

Негизи баланы туура тарбиялоо үчүн какылдап көп сүйлөөнүн кажети жок. Бала көбүрөөк ата-эненин жүрүм турумун, кылган иштерин көрүп тарбияланат. Менин тарбиямдын негизи ушунда жатат, анткени мен да өз ата-энемден ушундай тарбия көрдүм. Маселен, ууру болсоң, балдарың да ууру болот, паракор болсоң балаң да паракор болот дегендей. Ошол себептен ата-эненин өзүн үлгүлүү алып жүрүүсү өтө чоң мааниге ээ.

Өнүккөн өлкөлөрдө саясат биринчи планда эмес. Кыргыз коому өтө эле саясатташып кеткен. Массалык маалымат каражаттары көбүнчө саясий багыттагы материалдарды чагылдырат. Гезит-журналдардын барактарында маданият кызматкерлери жана спортчуларга караганда саясатчылар популярдуулукка ээ. Элге мунун кызыктуу болгон себеби, саясатта уруш-талаш көп. Жогорку Кеңештин депутаттары өздөрүн сериалдагы актёрлор катары алып жүрүшөт. Эл саясатка ишенич артканда алардын көңүлү башка багытка бурулат.



«Мен эле жакшымын» деген туура эмес позиция. Мен лидерликти талашкым келбейт. Мениин амбициям элдикиндей күчтүү эмес, көбүнчө лидерлерге идея берип эле, аларга орун бошотуп бергим келет. Эгер чыныгы лидер болсо биз ошол лидерди колдошубуз керек. Арабыздан чыккан лидерледи колдоп, өзүбүз дагы эмгекчил болушубуз абзел.

Кандай гана кызмат берилбесин кызматты кайрадан тапшырып берүү учуру келет. Бирок бизде чоң кызматтагылардын көбү эмнегедир жөнөкөйлүктү карманышпайт. Атайын айдоочу, айланасында жан сакчылар… Анан кызмат орундан түшкөндө кичине эстерине келип, жөнөкөй болуп калышат. А чындай келсе чоңбу, кичинеби кызматтагы адам деле жөнөкөй адам, болгону кызматы менен гана айырмаланат. Адам улам сайын өзүн алып жүрүүнү өзгөртүүнүн зарылчылыгы жок. Мурун коомдук транспорттorго эле түшүп жүрчүмүн. Жумуштун берген унаасын өзүм айдап алып айылдарга барып, эл менен жолугуп жүрчүмүн.

Көп окуган жана билим алууну ушунчалык жактаган адам катары жаштардын баарына айтаарым окуп үйрөнүүдөн эч эринбегиле, илим – билим алуунун, үйрөнүүнүн түбү жок. Мен да дайым үйрөнүүнүн үстүндөмүн. Эс алууга убакытым өтө тар. Бир жылда бир эле жолу үй-бүлөм менен он күн эс алам. Дем алуумду китеп окуп өткөрөм.

Менин ата-энем «балдарыбыз өнүккөн өлкөдө жашашы керек» дешчү. Азыр менин дагы эң негизги максатым ушундай. Ошол максат аркылуу мен саясатка аралашып, иштеп жатам. Билимимди, ар түрдү тараптан байланыштарым болсо, жалаң гана кыргыз коомчулугуна жумшайын деген оюм бар.

# Туугандын өзү таарынса да боору таарынбайт

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

Бул жашоодо эң жакын адамдарыбыздын бири бул – биздин бир-туугандарыбыз. Балалыктын арууу таза мезгилдерин алар менен өткөрүп, ооруп калсак биздин жаныбыздан чыкпай күйпөлөңдөп жүрөр эле, достор менен ойноп калсак, бизди күзөтүп сырттан акмалап жүргөн биздин бул бир туугандарыбыз эмеспи.

Эгер сен балдар менен урушуп мушташып калганыңда, жетип барып сага болушуп, кийимдериңдин чаңын кагып жардамдашкан эле. Дасторкондун алдында өзүңдү жакшы алып жүрүшүңдү каалап, апаң төркүнүнө кеткенде сенин кийимдериңди жууп үтүктөп берген. Апаң сени урушуп турганда "кечке эле уруша бересизби, ал бала да, чоңойгондо түшүнүп алат" деп сага болушкан бул биздин бир туугандарыбыз.

Кээде сенин катчың болуп, кыздарга да кат ташып берген эле. Эгер сен бир ийгиликти багынтып үйгө кубанычтуу келсең, сенин кубанычыңа ортоктош болуп тең бөлүшкөн. Мектепти бүтүп борборго сапар алганыңда сени сагынып түн жамынып ыйлап чыккан бул бир-тууганыбыз. Борбордон айылыңды көздөй келгенде сени унутпай, белегин көтөрүп келген биздин бир карында бирге жаткан бир туугандарыбыз.

Секунддар минуттарга, минуттар сааттарга, сааттар күндөргө, күндөр айларга, айлар жылдарга алмашып олтуруп ошондогу бактылуу күндөрдү бирге өткөргөн бир-туугандар азыр өзүнчө үй бүлө күтүп, тагдырдын даңгыр жолуна түштү. Тагдыр деген татаал белем, ошондогу таза сезимдер тунук сүйүүлөр, жылуу мамилелер күндөн күнгө соолуп бараткандай.

> *Кыргызда жакшы сөз бар экен "туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт". Жашоодо баары болушу мүмкүн. Кандай болгон күндө да бир туугандардын сүйүүсү эч качан өчпөсүн деген ойду айткыбыз келет.*

Ар кими өз үй бүлөсүн багуу, балдарын тарбиялоо менен убара болуп калышы бул мыйзам ченемдүү болсо керек. Тагдырдын татаалдыгыбы же турмуштун кыйынчылыгынанбы ысык ымалада өскөн бир туугандардан бир себебтерден улам айрылып кетишкенин кездештирүүгө да болот.

Кыргызда жакшы сөз бар экен "туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт". Жашоодо баары болушу мүмкүн. Кандай болгон күндө да бир туугандардын сүйүүсү эч качан өчпөсүн деген ойду айткыбыз келет.

Кылым карыткан кыргыз элим бир туугандык боюнча төмөнкүдөй ойлорду айткан.

"Тууган бир жакшылыкта, бир жамандыкта" – бул сөздүн бар, себеби бир туугандар кандай иш болсо да ар дайым жаныңда сени менен бирге болушат. Ата-бабаларыбыз "Тууганга душман болбо, душманга тууган болбо", "Туугандыктын белгиси – урушса кайра табышкан, душмандыктын белгиси – түгөнгүчө чабышкан"- деп да айткан экен.

Канткен күндө да бир келүүчү өмүрдө амандыкта жүргөн бир-туугандарыбыздын кадырына жетип, тирүү мезгилинде баалап барктап алалы. Элибиз да бекеринен "дос айрылат сөөк кайрылат" деп айтпаса керек. Канчалык алыстарга барсак дагы, бир-туугандарыбыз үчүн кайтып келишибиз толук мүмкүн, замандашым.



# Энелердин эбегейсиз эмгеги

ГҮЛМЕЙИЗ АКМАТАЛИ КЫЗЫ

Баланы таап, кыйналып багып,элден кем кылбай өстүрүшөт. Карысы бардын ырысы бар демекчи, ар бир үйдө кары болсо жакшы эмеспи, ак батасын алып, баарлашып, ысык чайыңды берип отурганга эмне жетсин. Кепедей болсо да өз үйүңдө, ата-энең менен бир жашап, бактылуулуктун дооорун сүргөн кандай жакшы. Бирок баары биз ойлогондой эмес. Ата-энесин карылар үйүнө таштап, кароосуз калтыргандар да жок эмес.

Ооба, энелер биз үчүн баа жеткис байлык, кол жеткис бийиктик десек туура болот. Энелер баласы үчүн эч нерсесин аябай балдары кубанса кубанып, кайгырса кайгырат, биз оорусак күнү-түнү санаага батып, биздин келечек үчүн ар дайым ойлонот. Азыркы күндө энелерин сыйлабаган адамдар аябай көп болууда. Энеси кыйналып багып өстүргөнүнө карабай, кам көрбөй карылар үйүнө алып барып жатканы да кездешүүдө. Өз курсагына батырып көкүрөгүн кудук, кучагын жууркан кылып өмүрүн тообекелге салган энелерибиздин бир сөзүн көтөрө албай,өз үйлөрүнө батырбаган балдары да бар. Карылар үйүнүн терезесинен үмүтүн үзбөй каректери тээ айланадан таанышт караанын издеген энелердин көз жашын балдары билээр бекен?

Балам бир келип кетсе деген үмүт жүрөгүндө жашап кала берет. Жүзүн бир көрүп жытынан искесем гана деген энелердин арууу тилектерин балдары сезбей, жакында сүйгөн аялынын кулу болгон эркектер да жок эмес. Эртең энесине кылган мамиле өз уул-кыздарынан кайтарын ойлонушпайт өңдүү. Кайтар дүнүйө бар эмесби, энесине кандай мамиле кылса ошол өз балдарынан кайтат деп аталарыбыз айтышчу эле. Энелердин балдарым деп кара чачы куу болуп бели бекчейет, ден-соолугунан ажырап алсыз болот, бирок ар дайым баласы үчүн өз өмүрүн тобокелге салат. Керек болсо өз жанын арноого даяр болгон энелердин чексиз мээримине эч нерсе тең келбейт эмеспи бул жашоодо. Энелерсиз жашоо көрксүз, айлана кунарсыз үйдүн ичи нурсуз болорунда шек жок. Энелердин эбегейсиз зор эмгеги үчүн бүт аалам тынчтыкта, бейкутчулукта өмүр кечирүүдө десек болот. А бирок бүгүн колдогу алтынды баалабай, барктабай, бапестебей тескерисинче жасап жаткандар көбөйүп жатат. Аргасыздан "эх турмуш" деп болбогон нерсеге шылтайбыз чыккан күндүн батары, жанган оттун өчөрү, келген коноктун кетери бар сыяктуу адамзаттын ичер суусу түгөнөр кез келет эмесби. Ошол сыңарындай энелерибиз бир күнү алыс сапарга кетет. Ошол кезде аттиң деп калбастан мурда, энелерибиздин эмгегин баалап алардын ак батасын алууга да жетишүү керек.

Баарыбызды бул дүйнөгө алып келген энелердин эмгеги таш көтөргүс оор, эмгек жараткан энелерди кадырлап сыйлап бапестеп мээримибизди төгөлү. Кыргызга бөтөн болгон башка элди тоорап, өз руханий дөөлөтүбүздү, маданиятыбызды жоготуп албай сактап калалы.

Бири кем дүнүйө деген ушулбу? Канчалары ата-энеге зар болуп жүрсө, канчалары ата-энени кор кылып жүрөт... Чыкпаган жандан үзүлбөгөн үмүт демекчи, балким уул-кыздарыңыздар бир күн келип ойлонор. Ошондуктан урматтуу ата-энелер эч качан капаланбаңыздар. Себеби алар болбосо да биз бар, эл бар, мамлекет бар!



# Каражатты алтынга айландырса утулбайбы...

Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы баалуу коллекциялык моноталарды жана алтын куймаларды сатуу аукционун өткөрдү. Аталган иш-чараны өткөрүү максаты – коллекционер менен жөнөкөй сатып алуучулардын уникалдуу номуру жана сертификаты бар алтын куймалар менен эстелик монеталарга болгон суроо-талаптарын канааттандыруу.



Сүрөт tazabek.kg сайтынан алынды

Учурда Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын коллекциялык монеталары өзүнүн өзгөчөлүгү менен эле айырмаланбастан, маалыматтын маанилүү булагы жана ошол эле учурда пайдалуу финансылык салым болуп эсептелет. Баалуу металдардын кымбатташына байланыштуу Кыргызстандын монеталары уникалдуу баалуу буюм катары даражасы жогорулап, алтындан жана күмүштөн жасалган коллекциялык монеталар инвестициянын жаңы түрү катары кабыл алынууда. Алтын куймалары жана эстелик монеталары аукцион аркылуу сатылып келет.

Белгилүү экономист Жумакадыр Акенеев аукциондордун болушу жарандар байлыгын акчада эмес алтында сактоого шарт түзөт деп белгилеп, «алтындын сатылышы абдан жакшы көрүнүш, бул күнгө чейин мындай болгон эмес. Улуттук банк 1,5 эсе кымбат сатып атат. Бул келечекке жакшы. Анткени алтын 5–10 жыл ичинде кескин түрдө кымбаттайт»– деди.

Дагы бир экономист Кубан Чороевдин айтымында өтүүчү аукцион эч кандай экономикалык кызыкчылыктарды көздөбөйт. Ал: «Бул маркетинг акциясы. Ошон үчүн экономикага эч кандай таасир тийгизе албайт. Алтынды каалаган жерден эле сатып алып жатпайбызбы. Ошол эле «Кыргыз алтындын» деле алтынын башка убакта алса болот», - деген пикирин айтты.

Улуттук банк бул күнгө чейин чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн эл аралык көргөзмөлөргө катышып келет. Бул жол менен жарандар сатып алган мындай баалу буюмду кийин кайра өткөрө алат деген, Банктарды кайра түзүү жана карыздарды реструктуризациялоо боюнча агенттигинин экс- директору Каныш Шаршекеева, «аукциондор мерчемдүү даталарда болот. Ага каалаган киши катышып монеталарды сатып алат. Бизде көп эле нумизмат адамдар бар. Ишкерлер келип катышат. Буга чейин 60 тан ашуун адам келип катышчу эле. Азыр андан дагы көбөйүп баратат. Жарандар сатып алган монеталарын кайра акчага алмаштыргысы келсе, улуттук банк мындай мүмкүнчүлүктү түзүп берет» деп кошумчалады.

Улуттук банктын нак акча менен иш алып баруу башкармалыгынын эксперттик бөлүмүнүн башкы эксперти Эмил Курманалиев алтындын баасы туруктуулугун оңой менен жоготпостугун айтып, жарандарды акча каражаттарын алтында сактоого чакырып, алтынга тиешелүү суроолорубузга кийинки жоопторду берди.

**– Кыргызстандын Улуттук Банкынын коллекциялык монеталары эл аралык сатыкта кандай бааланат?**

Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын коллекциялык монеталары өзгөчөлүгү менен эле айырмаланбастан, маалыматтын маанилүү булагы жана ошол эле учурда пайдалуу финансылык салым болуп эсептелет. Күмүш монеталарынын саны 1 миңден 3 миңге чейин, ал эми алтын монеталар 1 миң даанага чейин гана куюлгандыктан жогорку деңгээлдеги раритет (сейрек) катары бааланат. Улуттук Банктын монеталары эксклюзивдүүлүгүн, жогорку өткөрүмдүүлүгүн сактайт. Баалуу металлдардын баасынын кымбатташына байланыштуу, Кыргызстандын алтындан жана күмүштөн жасалган коллекциялык монеталары келечектин инвестициясы катары кабыл алынып келет. Эл аралык нумизматикалык базарда, Кыргызстандын коллекциялык монеталары, КМШ мамлекеттеринин монеталарынын ичинен эң көп суроо–талап жаратып, монеталар рейтингинде жогорку чекти ээлеп келет. КР Улуттук банкынын 1995–2007–жылдар аралыгында чыгарган сейрек монеталары эл аралык аукциондордо туруктуу талапка ээ боло баштады.

**– Аукционго кимдер катыша алат?**

Аукционго жеке адамдар жана юридикалык жактар катыша алат. Эсептешүүлөр нак жана нак эмес төлөмдөр аркылуу жүргүзүлөт. Сатып алуучуларга ыңгайлуу шарт түзүү максатында, нак акча менен ошол жерде эсептешүүлөрдү жүргүзүү сунушталат. Аукционго күрөөсүз катышуу мүмкүнчүлүгү да каралган.

**– Алтын куймаларын сатыкка чыгаруунун себептери эмнеде?**

Улуттук банк алтын куймаларын чыгаруу менен жарандарга өзүбүздө өндүрүлгөн алтынды инвестиция катары сактоого мүмкүнчүлүк түзүп берүүдө. Элдин байлыгын доллар менен сактоосун азайтуу да максатталууда. Алтын куймасын сатып алган жаран акчага муктаж болуп калса, аны кайра Улуттук банкка өткөрүп бере алат.

**– Алтын баасынын туруктуулугуна кепилдик барбы?**

Алтын «Лондондун баалуу металл биржасынын» баасына жараша өзгөрүп турат. Алтындын баасы долларга караганда стабилдүү. Ошондуктан жарандар каражатын чет өлкө валютасы менен эмес, өзүбүздөн чыккан алтын менен сактаса уттурбайт деп эсептейбиз.

**– Алтын куймасы чийилип калса аны Улуттук банк кайрадан сатып алабы?**

1, 2, 5, 10, 31 граммдык алтын куймалары атайын корголгон сертификаты менен бирге атайын сактоо кутучасында жайгаштырылган. Эгерда алтын чийилип калса, Улуттук банк аны кайрадан сатып алуу экспертизасынан өткөрөт. Экспертизага куйманын 7 пайызы алынат.

**– Сактоодо ар кандай түйшүктөр жаралбас үчүн, алтын куймасын элдин колуна карматпастан башка вариантын караса болмок беле?**

Алтын куймаларын чыгаруунун биринчи этабы гана жүрүүдө. Негизи адам алтынды колуна кармап көрмөйүн ыразы болбойт. Бирок, Улуттук банк тарабынан бул маселе иштелип жатат. Кийинчерек атайын алтын куймалары үчүн эсеп ачылат. Ал эми алтын куймалары банктын атайын кутучаларында сакталат.

# Электрдин кымбатташынын себептери

Өкмөт тарап 1 килловатт саат электр кубатынын кымбаттоосун кийинки беш себепке байланыштырып келет: 1-отун жана күйүүчү майлардын баасынын өсүшү, 2-электрдин импорттолушу. Быйыл Казакстан жана Тажикстандан 1млрд 148 млн кВсаат импорттолот. 3-себеби жабдуулардын эскириши жана капиталдык чыгымдар менен байланыштуу. Энерго сектордогу жабдуулардын эскириши 51 пайызга жетти. Дүйнөлүк тажрыйбада кризиске жакындаган абал 15 % деп саналат. Жабдуулардын эскилиги 25 пайызга жетсе кризистик абал болот. 4–энерго ишканаларынын каражат алуу милдеттенмелери боюнча төлөмдөрдүн өсүшү, ал эми 5–инфляцияга байланыштуу.

Өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү уурдап–тоноолорду эске алынбай жатканын айтып, кийинки жүйөө катары фактыларды келтирүүдө. 2013–14–жылдары 80 млн кВсаат уурдалган жана аны Эсептөө палатасы аныктаган. Ошондой эле Кыргызстан Казакстанга 126 млн кв саатты 5 тыйындан сатып, кышкысын 5, 61 тыйындан алып жатат. Буларга бөгөт коюлса, бааны көтөрүүнүн кажети болмок эмес дешет эксперттер.

Быйыл 1–июндан тарта тарифтер орто эсеп менен алганда 20% жогорулайт. Жаңы тарифке ылайык, азыр 1 кВт. саатына 70 тыйын төлөп жаткандар 84 тыйын төлөйт. 700 кВт. сааттан ашык пайдалангандар ар бир киловаттына азыр 2 сом 5 тыйын төлөсө, эми 2 сом 20 тыйындан төлөйт. Тарифтик саясат 2014–2017–жылдарга бекитилген. Экономика министри Кубанычбек Турдубаевдин эсептөөсү боюнча импорт



2016–жылдын апрель айына чейин уланат. Андан кийин кризистен чыгабыз деген пландар бар. Өкмөмттүн электр кубатын сатуудагы тарифтик саясатын сындаган эксперттер кризис 3–4 жылга созулат. Бул жылдары Тажикстан менен Казакстандан энергияны сатып алууга мажбур болобуз.



# “Кымбатынанбы” же “китайскийби”?

Кыргызстанда дыйканчылык жакшы өнүккөн болсо да, күндөлүк колдонулуучу тамак-аштын көпчүлүк бөлүгү чет өлкөдөн импорттолот. Бирок сырттан алынып келинген тамак- аштарды көзөмөлдөө боюнча норма-тивдик актылар жок. «ГМО тамак-аштарды көзөмөлдөө боюнча өкмөттүн токтому да иштебейт. Андай тамак-аштар калктын саламаттыгына чоң коркунуч келтирип, жаш балдардын оорусуна себепчи болот.

ДАТКАЙЫМ АЗАМАТ КЫЗЫ

## Бизге фирмадан таштап кетет

Замира эже 1 жылдан бери Ош базарында тоок менен өрдөк этин сатып күн көрөт. Алгач эле мени көрүп “кызым, кандайынан аласың? Кымбатынанбы же китайскийсиненби?”-, деп саны аябай чоң болгон тоок этин көрсөтүп калды. Сурасам арасында болгону 25 сом гана айырма бар экен. Кайдан алып келесиздер десем? “Бизге Америкадагы фирмадан таштап кетишет”-, деп сыймыктануу менен жооп берди. Эч кандай аталышка ээ болбогон бул фирманы тастыктаган келишим баракчасы да жок экен. Бул товарыңыз ГМО эмеспи деген суроомо “ал эмне? Биз ГМО сатпайбыз, башка жактан сурап көрүңүз ”-, деп жанында бирге иштеген аялга “сенде барбы” деп кайрылып койду. Жообунан ГМО жөнүндө эч кандай түшүнүгү жок экени даана байкалып турду. Бул базарда ГМО жөнүндө эч кандай маалыматка ээ болбогон бир гана Замира эже эмес, жүздөгөн сатуучулар отурат. Кара курсак тойсо эле болду деген максатта сатып алган ошол эле адамдар күнүгө миңдеген ГМО тамак-аштардын курмандыгына чалынат.


## ГМО деген эмне?

ГМО-Генетикалык Өзгөртүлгөн Организм (Генетически Модифицированный Организм). Жаңы бир организмди жаратуу үчүн, жандуу бир организмге башка же болбосо ошол эле түрдөгү организмдеги химиялык жол аркылуу гендин өтүүсү- генетикалык өзгөртүлгөн организм болот. Бүгүнкү күндө ГМО тамак-аштардан улам онкологиялык оорулардын көбөйүшү, иммунитеттин төмөндөшү (көбүнчө жаш балдарда), бойдун өспөй калуусу, ымыркайлардын аз төрөлүүсү, төрөлгөн балдардын физикалык жактан алсыз, акылы кем болуусу байкалууда.

2004-жылы НАТОнун бир мүчөсү эскерткендей ГМО биологиялык курал катары колдонулуп жатат. Биология илиминин доктору Ермак Владимир Ирин 2005- жылы эксперимент жасоо үчүн ГМО менен өстүрүлгөн буудай жана бурчакты келемиштерге берген учурда акырындык менен өлүп жок болгону аныкталган. ГМО тамак-аштарды өндүргөн өндүрүүчүлөрү адам өмүрүн ушул келемиштерден да төмөн баалашабы? деген суроону бергиң келет... Продукциялар чет өлкөдөн келип жатканы менен бийлик башында отургандарда кайдыгер карап жатышат. Буга чейин Жогорку Кеңеште бул маселе бир канча жолу көтөрүлүп чыккан. Бирок тилекке каршы эч кандай натыйжа болгон жок.

## Оору чыкканда Өкмөт көңүл бурат

Догдур Гүлнара Саматованын айтымында:” ГМО тамак-аштарына өтө чоң деңгээлде көңүл бурула элек. Анткени мындай продукциялар Кыргызстанда жакынкы 10 жыл аралыгында гана пайда болду.



Учурда бир да жаран ГМОдон улам ооруканаларга катталган эмес. Бирок бул калктын саламаттыгы жайында деген мааниге келбейт. Кийинки муунга акырындык менен терс таасирин тийгизип көптөгөн ооруларга жол ачат. Ошондо гана Өкмөт бул маселеге олутту мамиле жасап баштайт. Ооруну айыктырганга караганда алдын алган жакшы. Ага чейин алдын алуу чараларын көрүп, калкка түшүндүрүүлөр жүргүзүп турабыз. Кыргыздар ичер суусу түгөнөөр мезгилде гана келишет. Ал мезгилде дарылоого мүмкүн эмес болуп калат”- дейт догдур айым.

## Законго закон каршы

Бишкек шаарындагы санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун, тамак-ашты текшерүү бөлүмүнүн жетекчиси Мухаммад Мурзашев ГМО тамак аштарды текшерүүчү лабораториялар жок экенин билдирди. “Рынокторго бир жылда бир гана жолу санитардык көзөмөлдөө жүргүзө алабыз. Анда да 10 күн мурун кайсы күндөрү барышыбыз мүмкүндүгү жөнүндө билдирүү жөнөтөбүз. Алар биз барганча даярданып турушат. Биз дароо текшерип туруп, таза экен деп чыгып кетебиз. Каалаган күнү көзөмөлдөй албайсың, анткени закон ага жол бербейт. 2007-жылы чыккан закондон кийин эскертүүсүз көзөмөлдөө мүмкүн эмес, адам укуктарын бузган болосуң. ГМО тамак-аштарды эмес, ачык жерде сатылып жаткан салаттарды да көзөмөлдөй албайбыз... Канча адам ууланып, ооруканада жатат... Колубуздан эч нерсе келбейт. Өкмөт тараптан бизге текшербейсиңер деп келишет да, законду айтып берсең ушундай жери да барбы деп кайра бизден сурап кетишет”-, дейт.



Ар ким өз жанын ойлобосо, жогору жактан бир жыйынтык болушуна кепилдик болбой калды. Жеген тамагыбызга көңүл буруп, ден-соолукта жүргөнүбүз Кыргызстандын келечеги үчүн жасаган эң жакшы ийгилигибиз болот!

## Табигый тамак-аш менен ГМОну кантип айырмалайт?

ГМО көбүнчө күнүмдүк колдонулуучу жер жемиштерде : алма, алмурут, картошка, буурчак, күрүч, ашкабак, жүгөрү, ашкабак; сүттөн жасалган азыктарда: сүт, кефир, йогурт, колбаса; кондитердик ширииндиктерде: шоколад, кант; жада калса ичкен чайыбызда болот.

1. Базардан сатып аларда курамын сөзсүз түрдө окуңуз.
2. Натурал продуктта жыты болот, ГМОдо жыт жок.
3. Натурал продукт таттуу болот, ГМО даамы жок.
4. ГМОсуз же болбосо Е300дөн өйдөсүн албоо.
5. ГМО болгон продукт өтө эле ачык түстө болот.
6. ГМО тез чирибейт жана аны курт-кумурскалар жебейт.

# Анжелика: Кыргызстан сапаттуу көйнөктөрдү тигүүдө

Жыл сайын Бишкекте өткөрүлгөн Wedding Expo конкурсуна үйлөнүү үлпөтүндө кийилүүчү келин көйнөктөрүн тиккен салондор катышат. Биз белгилүү ырчыбыз Анжелика Бекболиеванын бул иш-чарага улуттук мотивдеги көйнөктөрүн алып чыкканына бир чети таң калсак, экинчиден чын жүрөктөн сыймыктанып, бул тууралуу Анжеликанын өзү менен маек курдук.





АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

Ырчы катары тапкан кирешени тойлордо ырдап табабыз деп ачык эле айтмакчымын. Себеби ушундай сүйүү, бакыт, наристе жөнүндө ырлар көбүнчө үлпөт тойлордо жаңырып, той ээси жакшы көргөн жакын адамдарын чакырат. Бул жерге Европа стилиндеги үлпөт көйнөктөргө кыргыз оймолорун түшүрүп, коздолгон, мекенчил сезимди ойготкон уз иштерибизди көргөзүү үчүн, конкурска катышуудабыз.

Биз Кыргызстанда жалгыз үлпөт көйнөктөрүн тиккен мода үйүбүз. Булар Франциядан, Турциядан же башка мамлекеттен келген көйнөктөр эмес. Кыргызстандан деле сапаттуу көйнөктөрдү тиксе болот. Мындай жарманке сөзсүз керек, себеби үйлөнүү үлпөт тоюнун алдында жубайлардын башы катат. Кайсыл жерден торт алам же кайсыл жерден көйнөк алам, кандай ырчыны чакырабыз же кайсы фото сүрөтчүнү жалдайбыз деп дүрбөлөңгө түшүшөт.

Биздин салондо болсо бардык кызматтар сунушталат. Келип түрдүү салондордун өндүрүмдөрүн жана чакыруу баракчаларын алып, тойго керектүү адамдардын баарына чалып чыкканга оңой. Эң өзгөчөсү бизде жерде көйнөктөрдү кийип көрүүгө уруксат берилет. Биздин сулуулук салондо кошумча кызмат катары кыздарыбыз бекер чач жасалгалашат. Ошентип күйөөгө тийем деген кыз бизге келип чач жасалгасынан баштап үлпөт көйнөгүнө чейин кийип даярдана алат. Мен ойлойм, Wedding Expo жарышы сөзсүз керек жана уюштуруучуларга терең ыраазычылык билдирем.

# Цементке гүл өстүргөн Араик

Араик Галстян көптөгөн флористикалык конкурстардын жеңүүчүсү. Дүйнөлүк аренада жападан-жалгыз професионалдуу флорист катары эл оозуна алынган адам. 2011-жылы Европа мамлекеттеринин флористика жеңүүчүсү. Араик Галстян "Флора сервис" компаниясынын суранычы боюнча Кыргызстанга мастер класс өткөрүү үчүн келген. Биз белгилүү дизайнер-флорист менен маек курдук.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

"Мен бала бакчага бара баштаган кезде эле гүлдөргө кызыгуумдун бар экени байкалган. Ошол кезден тарта гүлдөрдү жакшы көрүп, гүлдөрдөн ар кандай форма жасай баштагам. Цементтин үстүнө гүл отургузганым азыркыга чейин эсимде. Гүлдөргө суу куйганымда эстеп, күлүп калам. Ал кезде цементте деле гүл өсөт деп ойлоптурмун. 1992-жылы флористика чөйрөсүндө кызмат кыла баштадым. Профессионалдуу флористикага 1994-жылы аттангам. 1990-жылы Москвага Армениядан келип, 2002-жылы гүл дүкөнүн ачкам. Азыркы учурда Москвада 3 гүл дүкөнүм иштйт. Ошону менен катар үч тилдүү журналды чыгаруудамын. Ал журналдарды дүйнө жүзүнүн ар кайсы бурчунан таба аласыздар. 2010-жылы Москвада "Araik Galsyan Moscow Internathional Floral Design school" мектебин ачкам. Андан бери 5 өттү. Азыр 1300 шакиртим бар. Окуйм дегендер Floral Design school мектебинде 2 жыл билим алышып, тажрыйбасы бар флорист болуп чыгышат».



## "Студенттеримдин көбү назик адам болушат"

«Биз ишибизге назик гүлдү түшүнгөн адамды алабыз. Гүл менен иштеген адам доктурдай, дабагердей болуп, гүлдөргө кылдаттык менен мамиле кылуусу керек. Гүлдү кантип өстүрүү керек, көргөзмөгө кандай коюу керек деген талаптардан улам назиктик зарыл. Гүлдөрдү дайыма эң маанилүү нерсе деп эсептейбиз. Биз гүлдөрдү жакшы көрөбүз, биз гүлдөрдөн композиция, корзина, объект жана ар кандай формаларды жасайбыз. Көчөдөн өскөн табигый гүлдөрдү терип алуу – эң туура, бирок биз гүлдөн көркөм өнөр да жаратабыз. Голландиялыктар гүлдөрдү күнөсканага өстүрүп, көбөйтүп өндүрүү ыкмасына көп басым жасашат. Табигый жол менен атайын өстүрүлгөн гүлдөрдүн айырмасы өтө эле чоң. Мен эч качан шакирт устатынан өтөт дегенден коркпойм. Менин окуучуларымдын баары өз алдынча иштегенди билишет. Ар бир окуучумдун стили, концепциясы бар.

## "Жасалгалоо 100 миң долларга чейин жетет"

Бир жайды жасалгалоого 20 миң доллардан өйдө акы алабыз. Жасалгалоонун акчасы проектке жараша чечилет. Эгерде чоң проект болсо, 100 миң долларга чейин жетет. Өндүрүлүп жасалып чыгарылган гүлдөрдүн жыты да, сапаты да төмөн. Бул гүлдөр атайын сатыкка өндүрүлүп жасалган гүлдөрдүн жыты жок, бул эң жаман көрүнүш. жасалгалоого биз Голландиядан гүлдөрдү сатып алып, аларга табигый гүлдөрдү кошобуз.

Орусиянын «Сотбис» аукцион үйүндө Москванын Bloomberg компаниясы, АКШнын «Ярмарки миллионеров», жана башка жерлерде официалдуу флорист-дизайнер болуп эмгектенген. Араик дүйнө жүзү боюнча семинар жана шоу-көрөзмөлөрдө азыркы күнгө чейин өз өнөрүн көрсөтүп келет. Дизайнер-флористти дүйнө жүзүндөгү эл аралык флористикалык конкурстардын калысы катары да чакырышат. Араик ар кайсы мамлекетке барып, ар түрдүү темадагы мастер-класстарды уюштуруп, өзүнө жаңы идеяларды жана чыгармачыл ачылыштарды издеп келет.



# Такфир куралы менен куралдангандар




ЖАНСАКТА САРБАШОВ

Такфир болсо, кимдир бирөөнү акыйкатты жашыруу жана жаратканына ыраазы болбоодо күнөөлөө аркылуу, күнөөлөнгөн тараптын бийлиги, материалдык мүмкүнчүлүктөрү, бала-чакасы менен аялзатын тартып алууну көздөө. Ислам дүйнөсүндө такфирчилик, ачыктап айтканда бир мусулмандын башка мусулманды каапырлыкта күнөөлөөсү, мусулман жыл санагынын 30-жылдарынын тегерегинде, Мухаммед пайгамбардын үчүнчү халифи (орун басары) Усман ибн Аффандын убагында башталып, анын Куран китебин окуп отурган убагында өлтүрүлүүсүнө алып келген.

Усманга чейинки халиф Умар ибн аль-Хаттабдын доорунда эки килейген мамлекет, Византия менен Персия мусулман желегинин алдына чөгөлөп, көптөгөн жер жана байлыктар мусулмандардын өкүмүнө өткөн. Илимпоздордун айтымында, бул материалдык каражаттар ыйманы бекем болбогон тайпалардын бүйүрүн кызытып, мусулман коомчулугунда байлыкка өтө берилген жана анын тетириси материалдуулукту толугу менен жериген тайпалардын пайда болуусуна себеп болгон.

Саясий күчтөр бул тайпаларды пайдаланып, төртүнчү жана акыркы халиф Али ибн Абуталибдин өлтүрүлүүсү менен мусулман мамлекетиндеги бийлик, шайлоо жолу менен эмес, бала-чакасына же жакын тууганына мурастоо жолу менен өткөрүлүп бериле баштаган. Ислам динин кармангандар арасында такфирлик ошол кездерден бери келген салт жана каапырлык кинесин тагуу, кудайга ишенүүдөн өтө алыс, кара курсак жана бийлик үчүн колдонулуп келет.

Башка диндерде дагы такфирлик болуп келген иш. Азыр биздин "теңирчибиз" дегендер менен мусулмандардын ортосунда болгон тартышуулар сыяктуу, Ыйса пайгамбардын жан жөкөрлөрү мурунку бузулган динди кармангандарды атеист десе, алар христиандарды атеист деп күнөөлөшкөн. Атеист сөзүнүн мааниси болсо – кудайсыз.

Демек, чыныгы кудайга чын эле ишеними бар адамдын оозунан "каапыр" деген сөздүн чыгуусу мүмкүн эмес. "Каапыр" деген аныктаманы оңгосолго көп колдонгон адамдын болсо напсиси куруп, башка бирөөнүн мыйзамдуу бийлиги, материалдык мүмкүндүк жана бала-чакасы менен аялына көзү түштү десек, көп жаңылбайбыз. Болгону, кээ бир серепчилердин айтымында, азыр бул саясий тайпалар дүйнө жүзү боюнча жаш муундун мурунку муунга болгон наразылыгын пайдаланууда.

# С.Нышанов: Чоңдор жерлерди сатып, тартып алган

15-майда камакка алынган ЖКнын депутаты Карганбек Самаковдун баш коргоо чарасын караган Бишкек шаарынын Октябрь райондук соту, аны 2 ай үй камагына чыгарды.

Карганбек Самаковго 2007-2008-жылдары Бишкектин айланасындагы 260 гектардан ашык жерди мыйзамсыз менчиктеп алган деген кине менен Кылмыш кодексинин 303-беренеси (коррупция) боюнча иш козголду. Карганбек Самаковго каршы көрсөтмө берген негизги күбөлөрдүн бири 17-май күнү Самаковдун адвокаты Икрамидин Айткулово келип, прокуратурага берген маалыматтары жалган экенин, муну депутаттан өч алуу максатында жасаганын билдирген.



Бул тууралуу ЖКнын депутаты, агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана аймактык өнүгүү боюнча комитетинин төрагасы Сайдулла Нышанов: "Чиновниктердин үстүнөн кылмыш иш козголгондо көбүнчө саясий кызыкчылык бар деп айтылат. Карганбек Самаковдун жерлерди мыйзамсыз менчиктештирип алганбы же жокпу, аны тергөө органдары такташы керек. Учурда маселени биздин тергөө органдарыбыздын жең ичинен чечкен доордон бир топ алдыга чыкты. Аны жакын саналаштары, 4-5 депутат колдошу мүмкүн. Айрым жарандар 4 сотых жер ала албай, өмүр бою батирлеп жашайт. Ал эми кээ бири бийлиги, байлыгын колдонуп, чиновниктерди сатып алып, көп жерлерди менчиктештирип алган. Буга карата сөзсүз карапайым элдин арасында наразычылык болот. Ошондуктан биз булардын барына чекит коюп, күрөшүүгө керек", – деди.



# Тасмадагы баатырлар кимге үлгү?




АЛИАСКАР САГЫМБАЕВ

Кыргыз эли өзүнүн өнүгүү процессинде кандай гана күндөрдү башынан өткөрбөдү. Кеменгерлиги менен караңгы түндө жол тапкан, кыйын кезең иш келсе, капилет жерден сөз тапкан Бакай, Кошойдой аталарыбыз элди туура жолго баштаса, бараткан түз жолунан адаштырган Абыке, Көбөш, Көзкамандар сыяктуу ар бир доордун каармандары өз кезегинде кылган иш-аракеттери менен ташка тамга баскандай болуп, калың элдин эсинде калары шексиз. Кыргыз эл жазуучусу Аалы Токомбаев: " Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин",-деген сөзү эрксизден эске түшөт.

Эл журтуна кызмат кылууну милдет катары түшүнүп, бийликте манчыркаганды өз боюнан алыс тутуп, калктын бейпилчилигин, бакубаттуулугун биринчи орунга койгон инсандардын бири-Шабдан баатыр болгон. Бул адам жөнүндө алгач Актан Тыныбековдун Көкөтөй чечен тууралуу жазгандарынан окуп, анын бийик адамкерчилигине, иш билги жөндөмдүү, камкор жетекчи болгондугуна таң калганмын. Шабдан баатыр тууралуу аксакалдардын санжырасында айтылган эрдиктери, кыял-мүнөзү, турган турпаты, айкөлдүгү анын көсөм жол баштоочу болгонунан кабар берет.

Баатырды заман өз учурунда жаратат демекчи, Шабдан баатыр жашаган мезгил кыргыз элинин кыйын кезеңдерине барып такалат. Дүйнөлүк державалардын дүйнөнү кайра бөлүштүрүү саясаты мамлекеттүүлүгү толук калыптана элек кыргыз элине да залакасын тийгизбей койгон эмес. Ошондой күчтүү мамлекеттердин оторчул саясатын жакшы түшүнүп, алакандай кыргыз элинин жок болуп кетүү коркунучунун алдын алган адам эле. Баатырдын элге кылган кызматы жөнүндө айта берсе сөз түгөнчүдөй эмес. Тарыхчылар, сынчылар, адабиятчылар Шабдан баатырдын татыктуу өмүрүн, адамдык сапатты эң жогорку бийиктикке койгон бейнесин изилдеп келишет. Советтик идеология Шабдан атабыздын эмгегин өз учурунда баалабай, аны изилдеген адамдарды "реакционист, бай-манапчыл позицияны карманган"-деп тап күрөшүнө такап, элден бездирип куугунтукташкан. Кудайдын буйругу менен жергебизге азаттыктын таңы атып, Шабдан баатыр учурда өзүнүн чыныгы баасын алып турган кези. Шабдан баатыр тууралуу романдар, пьесалар жазылып, анын жасап кеткен иштери күнү бүгүн дагы эл арасында аңыз болуп айтылып келе жатат.

2014-жылдын ноябрь айында Чоң-Кеминде Шабдан баатырдын 175 жылдык маарекеси белгиленип, Жоомарт Оторбаев Шабдан баатырдын бейнесине арналган мыкты киносценарий үчүн өкмөттөн 100миң сом, кинонун тартылышы үчүн алгачкы 10 миллион сом бөлүнө тургандыгын билдирген.

Бул фильмди тартуу Т.Океев атындагы "Кыргызфильм" киностудиясына жүктөлүп, К.Иманалиевдин "Шабдан баатыр" романынын негизинде сценарий жазылып, тартуучу режиссер болуп белгилүү кинорежиссер Эрнест Абдужапаров бекитилген. Ошентип, өкмөттүн тапшырмасы менен 80 миллион сом жалпы бюджети каралып, 2015-жылдын 15-апрелинде фильмге катышуучулар үчүн кастинг жарыяланган. Фильмдин тартылышынын календардык планы боюнча 2016-жылы премьерасы болмокчу. Көркөм тасма Стамбулда, Москвада жана Кыргызстандын аймагында тартылмакчы.

> ...сценарийлердин конкурсун өткөрүп, мыкты ийине жеткириле иштелип чыккан сценарийдин негизинде кино тартылганда Шабдан баатырдын образы кенен ачылып фильмдин көркөмдүүлүгү артмак деп эсептешет тарыхчылар.

Бул көркөм тасманын тартылышына Маданият министрлиги, кинематография департаменти, "Кыргызфильм" киностудиясы өтө кызыкдар.

Учурда Шабдан баатыр кинотасмасынын сценарийи боюнча коомчулукта кызуу талкуулар болуп жатат. Сценарий боюнча талаш-тартыш маселелер көп болгондуктан, белгилүү тарыхчылар, филологдор, коомдук ишмерлер, Шабдан баатырдын урпактары болгон Кеминдик аксакалдар чогулуп, материалды талкууга алып режиссерго тарыхый чындык боюнча өздөрүнүн кеп-кеңештерин айтышууда. Белгилүү тарыхчы Тынчтыкбек Чоротегин , Шабдан баатырдын урпагы Абдылдабек кызы Жаңыл, Кемин районунан келген аксакалдар Төлөмүшов Теңиз, Чопиев Эсенгул, филолог Ленара Ниязбекова, Улуттук илимдер академиясынын илимпоздору сценарийдеги кемчиликтерди талкууга алышып, ушул кемчиликтердин алдын алууга учурда режиссерго кулак кагыш кылышууда. Себеби, өткөн жылы мамлекеттин заказы менен жарыкка чыккан "Курманжан Датка" фильминин калк арасында ар түрдүү ой жаратып, тарыхты билбегендердин көөнү толуп, тарыхты билгендердин көңүлү ооруп батыш аудиториясынын маанайына төп келе турган сценарий боюнча тартылышы кыргыз коомчулугунда эки ача пикир жаратып жаратып турган кези. Ушундан улам, тарыхый фильмди тартууда фантазия, көркөм каражат менен катар биринчи планда тасманын документалдуулугу туруш керек деген ойлорун айтышууда.

Тарыхчы Аида Кубатова: " Сценарийде Шабдан баатырдын агартуучулугу, анын кыргыз жергесинде "Жадид" усул ыкмасындагы мектептерди алгачкылардан болуп курдурган реформаторлугун эске алышса болмок".-дейт. Тарыхчы Роза Абдыкулова: " Шабдан баатырдын Меккеге ажылыкка бараткан сапарын, Осмон дөөлөтүндө салынып жаткан жолго 2000 сом акча берип, Абдулхамид султандын ыраазычылыгын алып, алтын медаль тагынып келгенин сценарийге киргизип, фильмдин көркөмдүүлүгү менен катар тарыхый фактыларды эске алышы керек",-деген оюн айткан. Кыяс Молдокасымов: " Курманжан Датка фильмин тартууда режиссер тарыхчылар менен кеңешпей койгондуктан көптөгөн өксүктөр байкалып калды. Ошондой кемчиликтер болбосун деп, көркөм тасманы тартып жаткан режиссердун өзү менен жолугуштук. Азыркы жазылып жаткан сценарий примитивдүү жазылып калган. Бул Шабдан баатырдын образын ачып бере албайт. Тарыхый жактан чалкештиктер бар. Ошону оңдобосоңуз эл алдында ыңгайсыз абалда каласыз деп, Эрнест Абдыжапаровго ой-сунуштарыбызды айттык"-дейт. Тынчтыкбек Чоротегин болсо, режиссер бул эл айткан сунуштардын көбүн кабыл алып жаткандыгын, айрымдарын кабыл албай тургандыгын билдирди дейт."

Кандай болгон учурда дагы сценарийлердин конкурсун өткөрүп, мыкты ийине жеткириле иштелип чыккан сценарийдин негизинде кино тартылганда Шабдан баатырдын образы кенен ачылып фильмдин көркөмдүүлүгү артмак деп эсептешет тарыхчылар.

Китептер окулбай калган заманыбызда киноискусствонун адам сезимине, дүйнөнү, тарыхты таанып билүүсүндө коомго тийгизген таасири өтө зор. Келечек муундун алдында тарыхыбызды бурмалабай, акыйкат чындыкты тартып, жүлүнүңдү аралап, жүрөгүңдү тазалай турган, Ата Журтка кызматты кантип кылыш керек экендигин үйрөтө турган өрнөктүү, даректүү кинотасма керек ушул тапта кыргыз баласына. Бабаларыбыздын көрсөтүп кеткен эрдиктери менен мамлекеттүүлүгүбүзгө көч баштап берген көсөмдүгүн көргүбүз келет. Тасма мыкты чыкса, жан дүйнөбүздү баатырдык сезимдерге толтуруп, балдарыбызды бабаларыбыздын каармандыктары толгон көркөм тасмалардын бешигинде чоңойткубуз келет. Шабдан баатыр кинотасмасы мамлекеттүүлүгүбүзгө, дилибизге, динибизге төп келген көркөм чыгарма болорунан үмүт кылабыз. Акырында, арыба "Кыргыз кереметинин" кербени, жолуң байсалдуу болсун!- демекчибиз.

## Курманжан Датка ушинтмек беле

ГҮЛЖИГИТ ИСАКОВ

Адам баласы ар жерде ар кандай позицияны айта берсе, акыры өзү дагы адашып кетет билдирүүлөрүндө. Кайсы жерде эмнени айттым эле дегенди унутуп. Мындай адамдарга ар жерде айткандарын бир жерге топтоп, ага: «Кайсынысы туура? Баланча жерде тигиндей депсиз, түкүнчө жерде мындай депсиз, кайсынысына ишенерибизди билбей калдык?» – деп суралса орундуу болот.

"Курманжан Датка" тасмасын тартканда эң башкы максат батыштын көңүлүнөн орун табуу болгонбу? Андай болсо, ал максатка жеттикпи? Бул максатты көздөп жатып, ички ынтымакка канчалык доо кетирип алдык? Китеп окубаган менен окуган жарандарыбыз эмне үчүн айтышып жатып калды? Эң «кассалуу тасма» болдубу? Интернетке таркап кетүүдөн мурда, ал эң көп кызыгып турган алгачкы 4 айда канча акча жыйнай алды? Тасма канча пайызын актады өзүн?

«Тарыхка керек болсо канча акча бөлүнсө дагы аз болот!» деп калышат. Андай болсо, канаке Тарых? «Бул көркөм тасма да, каалагандай көркөмдөсө боло берет» деп калышат. Андай болсо, эмне үчүн "тарыхий эпикалык драма"? Эмне үчүн башка жерлерде «Тарыхта чагылдырып» бердик деп айтылат "тарыхий эмес, «»көркөм тасма» болсо?

Башында эмне үчүн тендерсиз каражат бөлүнгөн? Комиссия эмне үчүн сценарийдин мазмунун алдын ала текшерип чыккан эмес? Мамлекетте анын мазмунун текшере ала турган адистер жокпу? Мейли, кеткен каражатты актай алган жок дейли.



Мейли, батышта ийгиликке жетише алган жок дейли.

Тарыхтын «скелетин бузбай, этин каалашынча көркөмдөп» - кааласа семиз кылып көрсөтүп, кааласа арык кылып көрсөтүп, кааласа орто кылып көрсөткөндө, «көптөн бери тарыхий тасма тартыла элек эле, баракелде режиссёрубузга!» деген кептер айтылмак.

Азыр деле айтылып жатат го дечи, бирок алар жеке байкоомдо: биринчиден – тасманы көрүп, анан тарыхта чыныгы жүзү кандай болду эле деп салыштыра алгыдай маалыматка ээ болбогондор; экинчиси – салыштырып, ак менен караны ажырата билсе дагы оң баа берип, «эми көптөн бери тартыла элек эле, мактап коёлу, капа болуп калбасын» деп чын жүрөктөн айткандар; үчүнчүсү – тарых менен тасманын айырмасы бар экенин көрүп турса дагы, бир беткей болуп, атайын коомчулукту бурмалагандар же «балык» болуп отуруп бергендерге бөлүндүк.

Башынан эле сценарийди туура түзгөндө, элибиз жапа тырмак ыраазы болуп калмак. Элдин чектелүү каражаты бир режиссердун жана сценаристтердин «экспериментине» садага чабылбашы керек эле. Элдин тарыхы садага чабылбашы керек эле. Элдин ынтымагы садага чабылбашы керек эле.

Эрнст Абдыжапаровго берилген Шабдан баатыр боюнча тасманын даярдыгында ошол эле тенденция сакталган сыяктуу. Туура ниет жана пикири бар кесипкөйлөр сценарий менен таанышып, талкуулашы керек кантсе дагы.

# «Андерлехт» клубунда ойногон 18 жаштагы Алманбет

Бельгияда окуп жүргөн мекендешибиз Алманбет Турдубеков бельгиялык "Андерлехт" клубунда 15 жашынан бери ойноп келе жаткан. Ал эми азыр болсо, "Манчестер Юнайтед" футбол клубунун академиясында машыгып жаткан учуру. Келечекте Кыргызстанга кайтып келип ата мекендик футболдун деңгээлин көтөрүүнү пландап жүрөт. Алманбет Англияда оң тараптан сокку ура турган коргоочу болуп ойнойт.



## Мен чоң спортто 15 жашымдан бери ойнойм

Менин аты-жөнүм Алманбет Турдубеков. Жашым 18де. Кыргызстандын Кара-Балта шаарында туулуп-өскөм. Биздин чоң үй-бүлөөнүн эң кичүү баласы болом. Менин жакындарым, бир туугандарымдын баардыгы Кыргызстанда турушат. 8 жашыман бери футболго кызыгып ойноп келе жатам. Чоң спортто 15 жашымдан бери ойнойм. Бельгия королдугунун "Андерлехт" клубунун тандоосуна агам алып келген эле. Ата-энем дагы эгер тандоодон татыктуу өтсөң, футбол менен талыкпай машыгасың, өтпөй калсаң мурдагыдай эле окууңду улантып, кайсы бир кесиптин ээси болосуң дешкен. Брюсселге учуп келип, эки жуманын ичинде жакшы көрсөткүчтөрдү бердим. Ошондон кийин гана машыктыруучу менен клубдун өкүлдөрү мени командага алууну чечишти.

Мен келечекте профессионалдуу футболист болуп, чоң-чоң футболдук клубдарда ойногум келет. Азыр жаш кезимде алдыга койгон максаттарыма жетүү үчүн болгон аракеттеримди жумшашым керек. Мени бельгиялык клубум Англияга практикага жиберүү чечимин кабыл алышты. Манчестерде мен ижара укугун гана пайдаландым. Жарым жыл машыгып, тактикаңы өздөштүрүп, матчтарда ойнодум. Бул "Манчестердин" эң мыкты методика менен окуткан академиясы эле. Алгач кыйын эле болду. Башка деңгээл сезилет экен. Бирок бара-бара көнүшүп мыкты көрсөткүчтөрдү көрсөткөнгө жетиштим. Сезондун акырында мени кайра "Андерлехтке" чакырып алышты.

## Кыргыз футболунун келечеги бар

Бизде футболдун өнүгүшүнө өлкө жетекчилиги көбүрөөк көңүл бурушу керек. Жылдан-жылга биздин оюнчулардын чеберчилиги жогорулап келе жатат. Мисалга өткөн жылы биздин жаштардын курама командасы шериктеш өлкөлөрдүн кубогунда жакшы көрсөткүчтөрдү беришти. Быйыл боло турган Азиянын кубогунда мекендештерибизди өздөрүнүн ийгиликтери менен кубантат деп ишенем. Биздин өлкөнүн футболу жөнүндө салмактуу сөздөр пайда болушу үчүн Азияда болуп жаткан чемпионаттарда утуш керек. Чет өлкөлүк агенттерди, скауттарды чакырып биздин өлкөдөгү футболисттерди тандап, Европага же Улуу Британияга сатууну уюштуруш керек. Эгер биздин оюнчулар мыкты оюн көрсөтүшүп, командада лидер боло алышса, баардыгы биздин футболду сыйлай баштамак.

## Оюн талаасында тез чечим чыгарганды билиш керек

Матч деген – атаандашка жана анын командасына көз каранды болгон өзгөчө процесс. Трибунадан же болбосо телевизордон оңой көрүнгөн менен оюн талаасына келгенде топту ойноо бул бир топ эле оор иш. Сен тез чечим чыгара билип, өнөктөшүңдү, ошол эле учурда атаандашыңдын да оюн түшүнө билишиң керек. Эгер ойноп турган болсоң, оюнга 100 пайыз берилишиң керек.

## Мен Кыргызстанга сөзсүз кайтып келем

Мен алгач Андерлехттин U-21 КФБ резервдик командасына өтүп, андан кийин негизги командага ойногум келет. Азыр мен 19 жашка чейинки уландар ойногон U-19 курама командасында ойноп жүрөм. Негизги командада көп келечектүү мүмкүнчүлүктөр бар. Анткени бул команда Европанын UEFA лигасында, андан кийин буюрса Чемпиондор лигасында ойной баштайт. Кийинчерээк эмне боло жатарын байкаштырып көрөбүз. Кудай буюрса, Кыргызстанга кайтып келип, улуттук курама командасында ойносом деген оюм бар. Мекениме кандайдыр болсо да жардам бергим келет. Кыргызстанда чоң спортту өнүктүрүп, чоң футболго чыкканга мүмкүнчүлүгү жок таланттуу спортчуларга жардам бериш керек.

*Материал limon.kg сайтынан которулду*



Алманбет Турдубеков Фернандо Торрес менен

# А. Парханов акчаны жеп «колуңардан эмне келет» деп отурат

Ош шаарынын №3 үй бүлөлүк дарыгерлер борборунун көпчүлүк кызматкерлери директору Абдумалик Пархановдун кызматтан кетишин талап кылышууда. Ош прокуратурасы Пархановго эки кылмыш иши козголгонун жана тиешелүү иш кагаздар шаардык сотко өткөрүлүп берилгенин тастыктады.

АРГЕН НУРОВ

Үй бүлөлүк дарыгерлер тобунун кызматкерлери Абдумалик Пархановдун директирликке келиши менен жамаат экиге бөлүнүп калгандарын айтышат. Парханов директор болоору менен мурдагы кызматкерлерди негизи жок жумуштан кетирип, өз тааныш туугандарын кызматка алууда дешет. Анын үстүнөн эки кылмыш иши козголо да, кызматтан кетпей жатат деген дарыгер Кишимжан Мырзакулова: "Акча бере албаган кызматкерлер чекеден жумуштан кетирилди. Арапов Камчыбек деген жигитти кагаз жүзүндө ишке алып, анын айлыгын жеп жүргөн учурлары такталды. Ош шаардык облустук улуттук коопсуздук кызматынын балдарына акча сунуштап, аркасынан тааныш салса дагы, Пархановдун ишин Ош шаардык прокуратурасына өткөрүп берди", – деп толуктады.

Мырзакулованын айтымында, А.Парханов саясатчы Акматбек Келдибековдун кайнагасы болот "Эми бул көп эле адамдар менен байланышы бар. Акматбек Белекбаевичтин атын көп пайдаланат. Менеджер Курмушиев Бакыт "силер неге убара болуп атасыңар" деп айткан бизге. Абдумалик Парханов Асылбек Жээнбеков менен куда болуп, "ал менин укам, мен президентке тууру жол таап койдум" деп жүрөт.

Дарыгерлер борборунун дагы бир кызматкери Кыйбат Искендерова Пархановду ооруканага караштуу жерге медицина борбор менен бир нече дүкөндү тиешелүү кызматтардын мыйзамсыз деген тыянак бергенине карабай дале иштетип жатканын айтууда. Искендерова:"Парханов коллективдин кызыкчылыгынан өзүнүн кызыкчылыгын жогору койот. Коллективди ойлобогон, коррупциялык ушунча иштери чыгып, иши сотто турган кезде дагы, акча алуусун токтотпой, студенттерден алган акчаны жеп "колуңардан эмне келет" деп отурат", – деген.

Аталган №3 клиникада 30 жылдан ашуун директор болуп иштеп, мындан үч жыл мурун чет элдик инвесторлорго жаңы курдурган Хамит Барипбаев Оштун мурунку мэри Мелис Мырзакматов "директорлук кызматты Абдумалик Пархановго бошотуп бересиң" деп мажбурлаганын айтып берди. "Ушу коллективде 31 жыл иштеп, түрктөргө европейский стандарттагы мыкты поликлиника салганбыз. Поликлиника бүткөндөн кийин Мелис мырза мени бир күн дагы иштетпеди. Мен жетекчи болуп иштегим келбейт десем болбой "бүгүн арызыңызды жазасыз" деди, макул деп кетип калдым", – дейт Х.Барипбаев

Ооруканага директор болгон Парханов түрдүү коррупциялык иштерди жасаган. Буга наааразы болгон ооруқананын жамааты тиешелүү кызматтарга арыз менен кайрылган. Башкы прокуратуранын Оштогу бөлүмүнүн ага тергөөчүсү Абдурашид Кубатидинов: "2015-жылы эки №141-15-009 жана №141-15-128 иштер козголгон. Биринчи кылмыш иши боюнча мамлекетке 69 миң 387 сомдук зыян келтирилип, ал тергөө мезгилинде өндүрүлгөн. Экинчи кылмыш иши боюнча 148 миң зыян келтирилген деп тергөө жүргүзүлүп жатат.".

Айтылган дооматтарга байланыштуу директор Абдумалик Пархановдун өзүнөн пикир алуу мүмкүн болгон жок. Оорукана кызматкерлери: "ал, учурда прокуратурада сурак берип, кызматтан кетүү оюн билдирген."-дешет.

# М. Мамакеев: «Акча алган мугалимди атуугa буйруйт элем»

63 жылдан бери докторлук кесипти аркалап, күн сайын бештен операция жасап, башка адамдарга өмүр тартуулап келе жаткан Академик, Эл баатыры хирург Мамбет Мамакеев менен баарлашып, таанышып келдик.



ДАТКАЙЫМ АЗАМАТ КЫЗЫ

## “Кээ бири эми баштаса, мен тоюп, бүтүрүп коём”

Өткөн жылдын октябрь айында 88 жашка толсо да, 60 жаштагы доктордой күнүгө эң аз дегенде 4–5 операция жасап, элдин баарын таң калтырып келе жаткан доктор, профессор Мамбет Мамакеевден сиздин жашыңыздагы көпчүлүк аксакалдар скальпель эмес, кашыкты да колуна кармай албай калышты. Сиздин сырыңыз эмнеде деп сураганыбызда «Мени колдоочу Кудайым бар”– деген жоопту алдык.

“Кээ бир адамдар бир белгисиз жакшы дары ичсе керек деп ойлошот экен. Жок, катуу ооруп калбасам эле, даары–дармек такыр ичпеймин. Ушул күнгө чейин тамак тандап көргөн эмесмин, эмне берсе жей беремин. Болгону тамак ичүүдөгү артыкчылыгым– ысык– суугуна карабай, өтө тез ичемин. Тилим көп күйсө да, бул көнүмүштү таштай албай койдум. Кемпирим айтып калат: “Конокто отурганда, чоочун кишилердин алдында шашпай, акырын ичпейсиңби”– деп. Жок иче албай койдум, өзүм көрүп, сезип турам. Кээ бир адамдар конокто тамакты жаңыдан иче баштаганда, мен тоюп, түгөтүп коём”.



М. Мамакеев

Адам баласы жашка тойбойт эмеспи. Алтымыш үч жыл ичинде 112ге чыккан кишилерге операция жасаса да, бир кишиден “ичээримди ичип, жээримди жедим, жөн өлөйүн, кызыл–ала кылбай тим кой» дегенди укпастан, «эптеп жанымды сактап кал»– дегенди гана угуп келгенин айтты.

## «Акча алган мугалимди атуугa буйруйт элем»

Мамбет Мамакеевич өз өмүрүн медицинага арнап, оор же жеңил ар кандай жаракат менен келген оорулуулардын биринчи кезекте жанын сактап калуунун камылгасы менен убара болгон. Операция үчүн акчасы барбы же жокпу, кызыктырган эмес, анткени, ал үчүн адам өмүрү кымбат болгон. Ошондой эле, окуп жүргөндө, кандидаттык диссертациясын жактоодо бир сом бербестен, өз билими адал эмгеги менен ушул даражага жетишкен.

Бирок азыркы жаш студенттердин келечеги аны дайыма ойлондуруп келет. Өздөрү контракт менен окуп, андан сырткары мугалим талап кылган акчаны берип, диплом алгандардан эртең кантип медик чыгат деген ойлор дарыгерди кабатыр кылып, уктатпай келет.

“Контракт төлөп окуса да, беш алуусу үчүн студенттен дагы акча талап кылган мугалимдер бар экен. Мындай мугалимди атуугa буйруйт элем. Ал акчаларды студент өзү иштеп тапса да мейли, ата–энеси маңдай тери менен тапкан кичинекей акчасын, тамак–аш, кийим–кечесинен кысып жатып, балам окуп алсын деп жөнөтсө, баасын аяп, ошолордун ырыскысын алып алган мугалим акмак. Чогуу иштеген докторлорго да айттым, кимдин алганын уксам, капа болбогула деп. Анын үстүнө азыркы студенттердин арасынан тырышып окуймун дегени аз. Курсагы ток, кийими бүтүн, контрактта окуган бала, ал–окубайт. Сурасаң көпчүлүгү ата–энесинин сөзү менен келген. Кесибине кызыкпаган баладан, мыкты адис чыкмак беле. Айрыкча медицина тармагында ооруган адамды сүйбөгөн доктор, эч качан доктор боло албайт. Айтсаң аткарбайт. Заман азыр ушундай болуп калды. Бир нерсе десең демократия деп чыгышат”– дейт азыркы замандын жаштарына капаланган профессор.

> *Курсагы ток, кийими бүтүн, контрактта окуган бала, ал–окубайт. Сурасаң көпчүлүгү ата–энесинин сөзү менен келген. Кесибине кызыкпаган баладан, мыкты адис чыкмак беле. Айрыкча медицина тармагында ооруган адамды сүйбөгөн доктор, эч качан доктор боло албайт*

## “Жашоого 5 пайыз гана мүмкүнчүлүгү калган”

63 жыл ичинде Улуттук хирургия борборунун ардактуу башкы директору Мамбет Мамакеевдин бычагы тийбеген орган калган эмес. 20 миңден ашуун операция кылып, эң кубанып, сыймыктанганы ошол оорулуулардын баары айыгып кеткен. Бир да жолу операция учурунда ката кетирип көрбөгөнүнө Кудайга шүгүр деп ыраазы болуп келет. Күн–түн дебестен ар кандай жараттар менен, бычак сайылган, каны атырылып агып жаткан адамдар келет. Беш мүнөт кеч калса, көз жумушу мүмкүн. Мына ушундай 9 жерине бычак сайылган Биц Наталья жөнүндө эскерип айтып берди.

“33 жаштагы Биц Натальяны алып келгенде бүт денеси канга чыланып, акыл–эсинен танып, ичегиси сыртка чубалып жүрөт. Кан тамырынын согушу билинбей, жүрөгү араң эле согуп турган. Бул аялдын жашоого 5 пайыз эле мүмкүнчүлүгү калып, операция менен аман алып калууга болгон аракетибизди жумшап баштаганбыз. Бычак анын жүрөгүнө сайылган, бирок жүрөгү иштеп, булчуңу кыскан сайын кан дирилдеп агып жатат. Биринчи кезекте ошону токтотуп, андан кийин көк боордогу канды токтотууга аракет кыла баштадык. Антпесек майып кылып алат элек. Көп кан жоготкон, операция учурунда чогулган 1,5 литр канын кайра өзүнө куйдук. Донордун канына караганда өз каны жакшы жардам берет. Наталья айыгып кетти, бул бүтүн хирургдарга ийгилик алып келген операция болгон”.

Эң кызыгы ошол Натальяны бычактаган өз күйөөсү, ал эми анын аман калуусу үчүн жан күйгөндөр болсо, жети атасы кошулбаган таптакыр башка адамдар болгон. Буга окшогон окуяларды күнүбүздө көп угуп, иликтеп жүрөбүз. Бирок ошол адамдын өмүрүн сактап калгандардын эмгеги айтылбай, жетишкен ийгиликтери эч жерде жазылбай, көмүскөдө калып келет. Догдурларды бул дүйнөдөгү бардык адамдын ден–соолугу үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алган атасы–энеси деп кабыл алсак да жаңылышпаган болобуз.

## Өмүрүмдө тамеки кармап көрбөдүм

“Доктор болсом да кан басымым такыр 90–60тан ашкан эмес, мүнөзүмө жараша болсо керек. Ичиме эч нерсени сактабаймын. Баарын айтып салам. Жаш кезимде оозум менен кошо колу, бутум да иштеп кетчү. Ошондуктан ичинде көп нерсени сактагандардын кан басымы жогору болсо керек деп ойлоймун. Өмүрүмдө тамеки кармап көргөн жокмун, ичкиликтен Кудай сактады. Башында бир аз баштап, кийинчерээк ден–соолугум начарлап баштаганда, таштап салдым. Азыр ооруканадагы бир да доктор жумуш учурунда ичпейт. Бул жагын катуу караймын.

Калп айтып, жумушка кечиккендерди, себепсиз келбегендерди жактырбаймын. Өзүм жумушка бир да жолу кечиккен эмесмин. Мүнөзүмдө ушундай калыптанып калган”– дейт 63 жылдык убактын медицинага арнаган ардактуу доктор.

## Бала тарбиядан эмес, дээринде болуш керек

Мамбет Мамакеевдин учурда 100дөн ашуун шакирттери бар. Алардын 15и доктор, 30у илимдин кандидаты, 50сү ишенимдүү жогорку даражадагы хирургдар. Учурда бул окуучулары устатынын колунан оорун алып, түнкүсүн тынчын алышпайт. Кандай гана той же иш–чара болбосун, сөзсүз түрдө алардын төрүндө отуруп, сыйлуу коногу болот. Баары менен ата–баладай жакын болуп, кеп–кеңешин берип турат. Жарым жыл мурда конкурстун жыйынтыгы менен Улуттук хирургия борборун уулу Канат Мамакеевге өткөрүп берген.

Коомдук ишмер, көрүнүктүү окумуштуу, академик – Мамбет Мамакеевдин балачагы жокчулук менен өткөн. 17 бир туугандан үчөөсү калган. Согуш убагындагы кыйынчылык, ар кандай оорулардан адамдардын көз жумушу, кесибин тандоого түрткү берген.

“Мен катаал жашоодо чоңойгонмун. Доктор болуумдун бирден–бир себеби да ушул. Кичинемен тарбия эмне экенин билчү эмесмин, эмне кылсам да апам макул дечү. Ошондуктан бала тарбиядан эмес, эң негизгиси, анын дээринде болуш керек. Бардык нерсеге көз жүгүртүп, түшүнүп турган бала өзү эле максат коюп, бир жолду тандап алып, ошол жол менен кетет. Азыр менин 2 балам бар. Кудайга шүгүр акыл–эстүү, жакшы окуган, айткан акылды уккан балдар болуп чоңоюшту. Улуусу 58 жашта. Иштеп жүрөт. Сени пенсияга чыгарып, анан кетем деп тамашалап жүрөм”– дейт балдарына ыраазы болуп.

“Мен бул ооруканага 7 күн келбесем, 8–күнү ооруп каламын, же таптакыр башка жакка кетишим керек”– деген сөзүнөн чыныгы жумушунун патриоту кандай болот?– деген суроомо толук жооп ала алдым. Эгерде ар бир адам ушинтип кесибине кызыгып, изденип, сүйүп иштесе Кыргызстандын башка мамлекеттен тажрыйбалуу адистерди алып келүү муктаждыгы жоюлуп, адамдардын бири–бирине болгон ишеними бекемделмек.



# Кытай дөөлөтү адатынча жемкорлуктан кыйрайбы

Кытай дөөлөтү менен кыргыздар кылымдар бою алака кылып келген мамлекет. Кыргыз санжырасы менен улуу оозэки чыгармаларда кытай закымдары байыртадан эле кооптонуу менен бирге кызыгуу жаратып келген чөлкөм катары сүрөттөлөт. Кытай тамырын кылдат тартып келген ата-бабалардан кол жууган соң, биз аргасыздан орус китаисттери менен батыштын синологдорунун аналитикасына кайрылууга мажбурбуз. Кытай тилин үйрөнүп, үмүт бере баштаган кыргыз жаштары сереп салып, саресеп кылчу убакыт али алдыда.

Бул жерде, белгилүү америкалык синолог, Жорж Вашингтон атындагы университетинин Кытай изилдөө программасынын директору (АКШ, Вашингтон), профессор, Кытайдын тарыхы жана бүгүнү жөнүндө көптөгөн китептердин автору, эң күчтүү америкалык синологдорунун бири, 15 жыл американын негизги синология журналы болгон China Quarterlyни жетектеген Дэвид Шамбонун (David Shambaugh) Wall Street Journal басылмасында жарык көргөн макаласынан бир нече тезистер келтирилген.

Девид көп жылдан бери Кытай мамлекетинин пайдубалына жарака кетти дегендер менен макул болбой келгенин, бирок акыркы убакта пикири өзгөргөндүн белгилеп, кийинки ойлору менен бөлүшкөн.

Кытай мамлекетинин талмасы жакында кармайт

Си Цзиньпиндин коррупция менен күрөшү тандалган ысымдарга гана багытталганы көрүнүп тарат. Потенциалдуу буталардын көбү мурунку кытай лидери Цзян Цзэминдин жакындары. 88 жаштагы Цзян эмдигиче саясаттагы салмагын жогото элек. Синин каршылашына ачык тап берүүсү опурталдуу, анткенин анын жетекчилик макамдарга отургузгандай санаалаштары аз. Дагы бир анын кендирин кескен көйгөй: Си – ханзаадалар делген биринчи муундагы кытай ак сөөктөрүнүн уулу. Кытай коому аларды жек көрөт.

Коммунисттер бийликти жөн эле кармап койбойт, бир окуянын гана кесепетинен улам режим урап түшпөйт. Режим баткак менен канга аралашып бир топко чейин турат. Цзиньпин бийлик аламан байгесинен улам же мамлекеттик төңкөрүштүн натыйжасында кетиши мүмкүн. Өтө орой антикоррупциялык саясат жүргүзгөн Си өзүнө ашыкча ишенет. Ал партиялык, мамлекеттик, аскердик жана коммерциялык топторду кыжырлантууда.

Бул жерде режимдин алсыроосу жана коммунисттик партиянын кемчиликтерин ашкерелеген беш дартка көз жүгүртөлү:

Биринчиден – эгер система урай баштаса, Кытайдын бизнес-элитасы топ-тобу менен өлкөнү калтырып кетүүгө даяр. Кытай жарандарынын акыбалын изилдеген шанхайлык Hurun Research институту 393 кытай миллиардер менен миллионерлеринин 69 пайызы эммиграция абалында экенин же аны пландап жатканын байкаган. Барандуу кытайлыктар чет өлкөлөрдөн ойго келбеген баалар менен биринен сала бири кыймылсыз мүлк сатып алууда жана акча каражаттарын сырттагы офшордук аймактар менен жасалма компанияларда сакташууда. Алардын балдары батыштык таалим-тарбия алып, кытай менталитетине чоочун болуп калышкан.

Экинчиден – Си Цзиньпин 2014-жылы макамга отургандан бери 2009-жылы башталган саясий куугунтуктоолорду күчөткөн. Чектөөлөр пресса, социалдык тамактар, кино, маданият менен адабият, диний топтор, интернет, интеллектуал, тибеттиктер менен уйгурлар, диссидент, юрист, мамлекеттик эмес уюмдар, студент жана окуу куралдары сыяктуу олуттуу жерлерге кесепети тийген.

Үчүнчүдөн – режимди колдогондор жасалмалуулук менен алек. Акыркы жылдары кытай саясатынын ажмоолуктар театрына айланып кеткенин байкоо оңой эле. Аткаминерлер да, карапайым калк да оюндун эрежелерин жакшы билишет – расмий ураандарды кайталап, жан далбастап ритуалдарга катыша берсең болду. Кытай тилинде буга тиешелүү biaotai "тарап билдирүү" деген атайын сөз бар.

Төртүнчүдөн – коррупция элитаны гана эмес, кытай коомун бүтүндөй камтыган. Си өзүнө чейинки жетекчилерге караганда жемкорлукка каршы компанияны катуу жана ырааттуу жүргүзүүдө, бирок тандалмалуулук жана жасалмалуулук менен мындай олуттуу көйгөйдү жок кылууга болбойт. Алардын тамыры – бир партиялык системада, жең ичинен сатууга айланган жашыруун экономикада, мамлекет көзөмөлдөгөн медиада жана мыйзамга баш ийүү маданиятынын жоктугунда жатат.

Акыры – Батышта баарын аймап бара жаткан сыяктуу кабылданган кытай экономикасы, чыгып кетүү оңойго турбаган, системдүү туңгуюктарга кептелген. Синин 2013-жылдын ноябрында Партиянын үчүнчү пленумунда жар салган болочоктогу экономикалык реформалар толугу менен ишке ашкан жок. Себеби, алар мамлекеттик ишканаларынын директорлору менен жергиликтүү партиялык кадрлардан турган кудуреттүү топтордун кызыкчылыктарына запкысын тийгизет, ошондуктан реформалар тоскоолдуктарга учуроодо.

Учурда жөнөкөй жаран болобу же кытайлык коммунисттер болбосун көптөгөн кытайлар туулган жерин тыштап буттары менен добуш берүүдө же партиялык диктатка моюн сунган түр көргөзгөнү менен, коюнунда котур ташын катып турат.

Биз жакында режимдин жактоочулары жана анын коопсуздугун камсыздагандар партиянын буйруктарын аткара албай калуусун же болбосо куугунтуктагыларга жан тарта баштоосун күтсөк болот. Жөнөкөй инсандык сезимдер мерез болуп калган бийликке үстөмдүк кыла баштаганда, кытай коммунизминин добулбасы акыркы жолу кагылат.

*Материал Лента.Ру сайтынан алынып даярдалды*



# Айкөлдүн түрдүү сүйүүсү-1

## Руслана, Океана жана Чайнагүлдүн Айкөлдү талашуусу

(КООМДУК-САЯСИЙ САТИРА)

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

– Оххооо, Руслана, быйыл 9-майда кандай кылалы?

– 9-майда биздикинде болбойлубу жаным?

– Оомей, койсоң. Биздикилер таарынбайбы?

– Койчу эми. Кел, силер 7-майда эле майрамдагыла. А тогузунда биздикинде болобуз.

– Болмок беле ошондой дагы?

– Ну жаным, койчу эмиии… суранам…

– Ээ, маакул анда. Мейли кеттик.

***

– Аллоо, дарлиң, мен сага сюрприз алып келдим.

– Ой, ал эмне болгон сюрприз экен, Океана?

– Айтпайм, өзүң тап?

– Макул. Анда мен кээ бир сыпаттарын сурайм, сен айтып тур. Анан эмне экени белгилүү болот, сүйлөштүкпү?

– Ок, дарлиң.

– Ммм, аны эмне менен алып келдиң?

– Самолет менен.

– Оо, ошондой де.

– Салмагы канча?

– 150 тоннадай.

– Охоо, сенин ата-энең себин берип ийдиби?

– Балким…

– Баса, Укроп айдаган жигитке да ала жипти аттарда самолет менен сюрприз келген дейт го.

– Анысын айта албайм бирок Руслана аралаша берсе, мен дагы тынчыбайм.

***

– Дорогой, мен сенин элиң менен да таанышып, катышкым келип атат?

– Ал кандай дегениң Руслана?

– Эми, сенин эли-журтуңду аралап, эмне бар, эмне жок көргүм келет. Сенин туугандарың дагы биз тууралуу билсе дейм.

– Ой, ансыз деле билесиңер да. Биздин туугандар жалаң гана силер тууралуу көрүшөт.

– Жок дагы жакындан катышалычы?

– Мисалы, кандай?

– Мисалы, силер терезеңерди ачканда биз «Саламатсыздарбы? Биз менен бирге болуңуз» деп турсак. Аба ырайын, кандай жаңылыктар болгонун, ким эмне кылып атканын силерге биз айтып турсак дейбиз.

– Ошо да. Бизде ансыз деле силердин кишилер маалыматтарды айтып турушат.

– Билем аны. Бирок, алар биздин тилде сүйлөшөт экен. А биз силердин тилде сүйлөгүбүз келет.

– Ммм, ошондой де. Балким ошол силер жакты караган терезеден деле биздин тилде сүйлөсөңөр болбойбу? Мисалы тиги Равшанды, же тиги Каримди карачы, алар силерге караган терезесин жаап, керек болсо кирпич коюп таштады. А биз болсо, ал терезенин айнегин да жууп турабыз.

– Ну, дорогой, суранам. Биз силер караган терезеден учурашып туралычы? Же сен ал жактан тиги Океанаңды гана көргүң келеби? Эмне анын акчасы көп, септи көп берет деп атасыңбы? Андай септи биз деле беребиз.

– Ээ, макулчу. Мейли биздин терезеден чыгып сүйлөй бергиле. Биздин терезеде ансыз деле караганга эч нерсе жок болуп атат. Балким силер жакшы сүйлөрсүңөр.

– Баса, жаным, ал Океанаңа көп ишене бербечи. Ал аферисттер жүргөн жердин баарында уруш-талаш болуп турат. Эки элди бириктирбеген, бир элди эриктирбеген даана ошолор.

– Оо, сен биздин тилди укмуш үйрөнүп алгансың го…

– Албетте. Силер биздин тилдебириздиди сүйлөп ийип атпайсыңарбы. Болбосо, биз силердин тилде жөн эле сайрап бермекпиз. Себеби, биз силерди, аябай жакшы көрөбүз, жаныыым!

***

– Хелоо дарлиң. Кандайсың? Мен сени аябай сагынып кеттим. Үйүңө барсам жанагы сары чач Русланаң жүрүптүр. Аны менен сүйлөшпөй эле койчу. Сасытып эмне кыласың?

– Океана, болбойт да антип атйканың. Ал сасык-сасык дегениң менен биздин кошуна болуп атпайбы. Анын үстүнө үйдөгүлөр дагы аябай көнүп калышты.

– Ок, ноу проблем. Биз деле жакындайбыз керек болсо. Азыр деген заман башка да. Алыс жакын дебей калган, туурабы. Тигине мындан бир кылым мурда силерде деле үйүңөрдүн түштүгүнөн түндүгүнө барганды алыс дечүсүңөр. Азыр болсо баары өзгөрдү. Биз бат-баттан келип турабыз.

– Аның чын. Азыр технология өнүкпөдүбү. Айрыкча, силердин технология, бу Руслананын туугандарыныкына караганда укмуш экен.

– Ооба да, дарлиң. Мен сага баарын алып келип берем. Мен турганда үйүңдө эч кимдин укугу бузулбайт. Керек болсо ун менен туз салып, үстүнө суу куюп койсоң кайра бышкан нан чыгара турган технолдогиядан бери себиме кошуп ала келем. Болгону сен мени гана сүйүшүңдү каалайм, май дарлинг. Мени гана сүйчү суранам. Сасыган, ороңдогон Русланаңды унутчу.

– Эээххх, жаман башты айланттыңар го. Анысы аферист дейт. Ал жүргөн жерде дайыма чыр чыгат дейт. А мунусу аны сасык,-баскынчы дейт. Деги бул экөөнүн кимисин алышты да билбей калдым.

– Май дарлиң, эмне деп сүйлөнүп атасың? Мага айтып аткан жоксуңбу?

– Жок, жаным жок. Жөн эле өзүмчө ойлонуп кеттим. Баса, менин апам эмне дейт билесиңби?

– Ии, эмне дейт?

– Көнүшкөн жоо сайышканга жакшы, сен ал Русланаң менен Океанаңды коюп, бу биздин эле кошуна Чайнагүлдү тандасаңчы дейт.

– УАТ?!!! Чайнагүл???

– Ии Чайнагүл, Чайнагүл.

– Оо май Гаад. Аны билесиңби, үйүңө келгенде быжыратып тууп таштайт, анан кайсы балаң кимден экенин билбей каласың. Жолобо ага. Чайнагүл эң жаман кыз. Русланага да жолобо. Эсиңдеби ал силерди буга чейин дайыма пайдаланып келген. Анын эжеси сенин байкеңди алдап, башын айлантып тийип алып туруп, кийин үйүңөрдү кредитке коюп, байкеңдин өзүн кууп чыккан. Билесиңби, ошондо байкең айласы кетип Чайнагүлгө качып барганын. Ошондо ага Чайнагүл дагы жардам берген эмес. Андан кийин канча алдады байкеңди. Керек болсо азыр сени да алдап атат. Үйүңө чырак жагып берем дегени менен анын акчасын баары бир сурап алат. Бекер берип атат дейсиңби. Сен апаңа айт. Океана баарынан сулуу, акылдуу кыз де. Ал сизге кымбат-кымбат шакектерди берет, анда доллар көп де. Септи көп алып келет де. Макулбу? Чайнагүлгө да, Русланага да такыр жолобо…

***


– Эмне дейсиң? Чайнагүл!? Дорогой, Чайнагүл эң жаман бузулган кыз. Ал сенин үйүңө жапжаңы дорошка салып берем деп атабы? Кереги жок де. Андай дорожкан биз салып беребиз силерге. Биз силерге керек болсо жапжаңы төрт чырак да жагып беребиз. Үйүң жапжарык болот. Апаңа айт. Чайнагүлдү да, Океананы да унутсун. Ал экөө тең аферист. Экөө тең өздөрүн гана ойлойт. Биз болсо силер менен качантан бери дос болуп келетабыз.

– Ооба, аның чын. Аның чын. Деги кандай кылышты да билбей калдым. Чынында такыр үйлөнгүм келбейт. Бирөөңдү алсам бирөөң каласың. Андан көрө ушунтип эле бойдок болуп жүрө берсемби… бирок, убакыт да өтүп баратат. Эртеңки күн кандай болот белгисиз. Атаганат, ушундайда бир туугандарым жанымда болсо эмне? Биз баарыбыз бөлөк-бөлөк болуп чачырап кеттик. Мурунку аталарыбыздын убагындай бир туугандар дайыма биримдикте болсо эмгиче бул кыздарды Чайнагүл Пайнагүлүн кошуп туруп тебетей менен бир коюп тандап алат элек. Карачы азыр бул ыймансыздардын башты айлантып турганын. Мейли, бир күнү бир туугандарым да чоңойор. Ошондо биригип алып бул кыздарды чекеден тандайбыз. Ээхх, тойду ошондо кылабыз го. Ага чейин булардын башын айланта турайын…

–Дорогой, эмне деп эле сүйлөнүп атасың? Алоо, бери трубкага жакындап сүйлөчү? Алоо… Жаныңда бирөө барбы? Бир тууганым дейсиңби? Кайсы бир тууганың? Сенин такыр тууганың жок эмеспи. Кимди эстеп атасың? Сен жалгыз төрөлгөнсүң. Бир тууган деген сенде жок. Мына биз сага бир тууган болобуз жаным. Мени алсаң биз сага тууган болобуз…

Аллооо…

**Бөлмө аралык ЭШИКТЕРДИ жана ТЕПКИЧТЕРДИ буйртума алып жасайбыз. Тел.: 0700-69-45-01, 0770-60-99-06**



GREEN CITY
eco hotels & resorts




*Отель Greencity*
*проспект Мира, 16*

*Услуги:*
*Аренда конференц зала, вместимостью до 50 чел.*
*SPA (сауна, хамам, все виды массажа)*
*Ресторан (фуршеты, банкеты, бизнес ланчи, кофе-брейки до 50 персон)*
*+996 312 87 87 50*
*+996 559 87 87 50*

СТРОИТЕЛЬНАЯ КОМПАНИЯ
D·CENTER
КУРУЛУШ КОМПАНИЯСЫ

+996 312 93 98 88
+996 552 94 26 96
+996 778 93 98 88
www.d-center.kg



**33 000 $дан баштап батирлер жана кеңселер 12 айда бөлүп төлөө мүмкүнчүлүгү менен**

# Нурсалам
кафе * чайкана

Палоо, самса, түшкү тамактар, манты, мастава, мампар, жөжө табак, куурдак, пирожок, банкет 50-60 кишиге
**Буюртма үчүн телефондор: 0552626562, 0772390595**
Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 603, Жаш гвардия менен кесилишет

# Салон белорусской мебели **"Э-Лира"**

Адрес: г. Бишкек, ул. Ахунбаева, д. 48 (угол ул. Бектенова), тел.: +996 /312/ 88 09 84, моб.: +996/550/ 70 44 88




# Прайс-лист

“Сересеп” гезитине модулдук реклама жана PR материал берүү үчүн

| **Модулдук реклама:** | **1 чарчы сантиметрдин баасы:** |
|---|---|
| 1-бет | 30 сом, |
| Түстүү беттерде | 25 сом, |
| Эки түстүү беттерде | 15 сом, |

*Модулдук рекламаны жасоо +30%*

| **PR-материалдар:** | **1 чарчы сантиметрдин баасы:** |
|---|---|
| Түстүү беттерде | 25 сом, |
| Эки түстүү беттерде | 20 сом, |

*Кыргызчага которуу +20%*
*Гезиттин журналисти тартылса +20%*

Гезит ээси – ЖЧК “Горизонт Медиа” Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Жаркын Жаныбек кызы.

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Даткайым Азамат кызы, Гульмейиз Акматали кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Бегайым Аскарбек кызы

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 738 231
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** “Горизонт Медиа”

**Дареги:** Бишкек ш., И. Ахунбаев көч., 182б
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 25-22-52
Пикир айтуу үчүн E-mail: saresepkg13@gmail.com
www.saresep.kg
Facebook: Сaресеп гезити

**Нускасы:** 5500
**Буйрутма №**1288
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. “ММК колдоо борбору” фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП